USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

MSDSP KG
Ага Хан Фондунун демилгеси

БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ
ЖОГОРКУ ӨНУКТҮРҮҮ МЕКТЕБИ
Мамлекеттик саясат жана башкаруу институту

# Кыргызстандагы жаштар эмгек рыногунун тенденциялары

Канат Тилекеев
Бакытбек Токубек уулу
Дильбара Кирбашева
Баймат Ниязалиев
Назгуль Абдразакова



ДОКЛАД #52, 2019

Доклад #52, 2019

# Кыргызстандагы жаштар эмгек рыногунун тенденциялары

Канат Тилекеев

Бакытбек Токубек уулу

Дильбара Кирбашева

Баймат Ниязалиев

Назгуль Абдразакова

**Кыскача мазмуну**

Жаштарды жумуш оруңдары менен камсыз кылуу Кырнызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү эң маанилүү тармак болуп саналат. Бул изилдөө Кыргызстандын эмгек рыногун жалпы сүрөттөп, чакан жана орто бизнес тармагынын маанилүү аспектилерин анализдейт жана жаштарга жумуш орундарын түзүп берүү мүмкүнчүлүктөрүнө баа берет. Андан тышкары, долбоорго катышып жаткан аймактардагы эмгек рыногун түзүп берүүчү шарттарга анализ жасайт. Изилдөөнүн сапаттуу усулу долбоорго катышкан аймактардын ичинен төрт районун терең изилдеп, азыркы учурдагы жаштардын эмгек рыногун кылдат карап чыгат. Сапаттуу изилдөөнүн сурамжылоолоруна катышкан төрт райондогу бизнестердин ээлери, эксперттери жана жетекчилери жаштарды жумуш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрү жана билим-тажрыйба сапаттарынын ортосундагы жетишсиздиктери менен ой бөлүшкөн. Бул изилдөө Кыргызстандын түндүк жана түштүгүндөгү, айыл жана шаар жергесиндеги, андан тышкары гендерлик көз караштa эмгек рыногунун окшоштуктарына жана айырмачылыктарына да талкуу жүргүзөт. Изилдөөнүн жыйынтыгы жаштарды жумуш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрүндөгү негизги жетишсиздиктерди, жумуш орундарын түзүп берүүчү шарттарды (өндүрүмдөрдү жана кызматтарды) жана азыркы учурда бар мүмкүнчүлүктөрдү аныктаганга жардам берет. Тандалып алынган райондордо кийинки жылдары жумуш орундарын түзүп бере ала турган негизги өндүрүмдөр жана кызматтар изилдөө учурунда аныкталды. Андан тышкары, жаштарга жумуш ордуларын түзүп бере ала турган мүмкүнчүлүктөрдүн жетишсиздиктери жана байланыштары аныкталып, аларга карата сунуштар айтылат. Бул сунуштар көйгөлөрдү чечүүгө колдонулуп, ата-энелерге жана жаштарга кеңеш болуп саналат.

**Негизги сөздөр:** жаштар, эмгек рыногу, чакан жана орто ишканалар, жумушка орношуу

**JEL коду:** J21, J24

Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту 2011-жылы Орто Азиянын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө тиешелүү систематикалык жана изилдөөлөрдү жайылтууга, жана алтернативдүү саясатты изилдөө максатында түзүлгөн.

Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту Борбордук Азиянын Өнүгүү мектебинин (магистратура) бир бөлүгү болуп саналат. Борбордук Азия Университети (БАУ) 2000-жылы түзүлгөн. БАУ 2000-жылы Тажикстан, Кыргызстан жана Казакстандын Президенттери жана улуу даражалуу Ага Хан тарабынан кол коюлган эл аралык келишим аркылуу түзүлгөн жеке, коммерциялык эмес жана диний эмес (светтик) университет; Аталган эл аралык келишим жогоруда аталган үч өлкөнүн Парламенттери тарабынан бекитилип, Бириккен Улуттар Уюмунда катталган.

Мамлекеттик башкаруу жана саясат институтунун Изилдөө Макалалар Жыйнагы ар-тараптан каралган дайыма чыгып туруучу жыйнак болуп саналат. Ал ар кандай социалдык жана экономикалык көйгөйлөрдү, мамлекеттик башкарууларды жана коомдук саясаттарды талкуулайт, анткени, алар Орто Азияга таандык. Авторлор Орто Азия регионундагы көйгөйлүү жана азыркы күндүн маселелерин жазып, өз идеяларын жазган макалалары аркылуу ой бөлүшөт. Макала боюнча суроолор же сунуштар ippa@ucentralasia.org дарегине жөнөтүлүшү шарт. Изилдөө Макалалар Жыйнагы колдонулган адабияттардагы шилтемелерди алдын ала уруксатысыз колдонушу мүмкүн.

**Мамлекеттик башкаруу жана саясат институтунун Изилдөө Макалалар Жыйнагынын редакторлору:** Др. Богдан Кравченко жана Др. Роман Могилевский

**Авторлор тууралуу маалымат:**

**Канат Тилекеев** БАУнун Мамлекеттик башкаруу жана саясат институтунда (МБСИде) ага изилдөөчү болуп 2012-жылдан бери эмгектенет. Ал Дүйнөлүк Банктын, USAIDдин, БУУнун Азык-Түлүк жана Айыл чарба уюмунда жана башка изилдөө уюмдарында долбоордун таасирин баалоо, социалдык-экономикалык анализдөө, соода-сатык, чакан жана орто бизнестер/өндүрүмдүн түзүлүшү жана сарпталышы, айыл-чарба, климаттын өзгөрүүсүн жана кедейликти анализдөө изилдөөлөрүндө иш алып барат.

**Бакытбек Токубек уулу** БАУнун МБСИде изилдөөчү болуп иштейт. БАУга чейин Бакытек Токубек уулу USAID жана Европа Биримдиги тарабынан каржыланган долбоорлор боюнча эл аралык уюмдарда иштеп келген. Анын жарандык коом, жаштар иштери жана билим берүү тармагында тажрыйасы бар.

**Дильбара Кирбашева** БАУнун МБСИде жаш изилдөөчү болуп эмгектенет. Дильбара Кирбашева макроэкономикалык анализ жана тамак-аш коопсуздугу боюнча изилдөө иштерине кызыгат.

**Баймат Ниязалиев** – азыркы учурда Будапешт шаарындагы Корвинус Университетинде экономикалык анализ боюнча магистратурасында окуп жатат. Ал БАУнун МБСИде жаш изилдөөчү болуп иштеген. Анын айыл-чарба экономикасында, кен казуу жана модель жасоо тармагында тажрыйбасы бар.

**Назгуль Абдразакова** БАУнун МБСИде жаш изилдөөчү болуп иштейт. Анын Орто Азия экономикасы, региондук соода-сатык жана модель жасоо тармагында тажрыйбасы бар.

Басылма Борбор Азия Университетинин Мамлекеттик башкаруу жана саясат институтунун (БАУ МБСИ) «Демилгелүү жаштар» долбоорунун алкагында даярдалды. Басылманы чыгаруу Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID) аркылуу америка элинин жардамы менен мүмкүн болду.

“Демилгелүү жаштар “ долбоору Кыргыз Республикасында жаштардын экономикалык жумуш менен камсыз болуусун жана жарандык катышуусун жакшыртууга багытталган. Долбоор, КТКӨКП KG, Борбордук Азия Университети, Коомдук ишкерлердин бирикмелери, IDEA CA (Борбордук Азиядагы Эл аралык билим берүү боюнча дебаттар) жана Ага Хан Фонду тарабынан ишке ашырылып жатат.

Copyright © 2019

Борбордук Азия Университети

Токтогул көч. 138, Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы, 720001

Тел.: +996 (312) 910 822, эл.почта: ippa@ucentralasia.org www.ucentralasia.org

Бул макаладагы изилдөөнүн жыйынтыктары, айтып берүүлөрү жана тыянактары авторлорго гана таандык жана Борбордук Азия Университетинин, USAIDтин, АКШ өкмөтүнүн же КТКӨКП нын (Кыргызстандын тоолуу коомчуллуктарын өнүктүрүүнү колдоо программасы) оюн чагылдырбайт. Макаладагы тексттерди жана маалыматтарды шилтеме берип колдонууга мүмкүн.

## Мазмуну

**Кыскача мазмуну** ..... **5**
**1. Киришүү** ..... **9**
**2. Кыргызстандагы эмгек рыногу** ..... **10**
2.1. Өлкө жөнүндө кыскача маалымат ..... 10
2.2. Кыргызстандагы ЧОИ секторунун иш менен камсыз кылуудагы чечүүчү фактору катары ..... 13
2.3. Кыргызстандагы жаштарды иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү негизги багыттар ..... 14
2.4. Гендердик айырмачылыктар ..... 16
2.5. Билим берүүдөгү туура келбестик ..... 20
**3. Эмгек рыногун изилдөө** ..... **22**
3.1. Изилдөөнүн усулу жана уюштуруу иштери ..... 22
3.2. Эмгек рыногуна баа берүүнүн натыйжалары ..... 26
3.3. Долбоорго катышкан аймактар үчүн өндүмдөр/кызматтар ..... 37
3.4. Жаштардын эмгек рыногундагы кемчиликтер жана өз ара байланыштардын картасы ..... 41
**4. Акыркы тыянактар жана сунуштар** ..... **46**
**5. Тиркемелер** ..... **49**

## Сүрөттөрдүн тизмеси

1-Сүрөт. 2011-2015 –ж. Кыргызстандын негизги тармактары боюнча ИДП жана кошумча нарктын өсүшү, өткөн жылдагыга салыштырганда, % ..... 10
2-Сүрөт. Кыргыз Республикасынын 2008-2017-жылдардагы иш менен камсыз болуусу., млн киши ..... 11
3-Сүрөт. Экономикада чакан жана орто ишканалардын 2006-2017- ж.үлүшү, % ИДПдан ..... 13
4-Сүрөт. Кыргыз Республикасындагы ЧОИ секторундагы жумуш орундары менен камсыз кылуу, 2006-2017-ж.% ..... 14
5-Сүрөт. Мектепти аяктагандан кийин биринчи жана он экинчи айдын ичинде бүтүрүүчүлөрдүн абалы, билим берүү деңгээли боюнча ..... 21
6-Сүрөт. Эмгек рыногун баалоо үчүн респонденттердин жайгашкан жерлеринин картасы ..... 24
7-Сүрөт. Бишкекте жеке ишканаларды тандоо картасы ..... 26
8-Сүрөт. Долбоордук аймактардагы билим берүү мекемелеринин картасы ..... 32

## Таблицалардын тизмеси

1-Таблица. Кыргызстандын экономикасынын негизги тармактары ИДП да 2000-2017 жылдары.,% ..... 11
2-Таблица. Кыргызстанда иш менен камсыз кылуунун түрлөрү 2008-2017-жылдары. миң. жумушчулар ..... 12
3-Таблица. Кыргызстанда калкты иш менен камсыз кылуу көрсөткүчтөрү,% ..... 15
4-Таблица. 18-28 жашка чейин иштеген жаштар, жумуштун турлөрү боюнча ..... 15
5-Таблица. 2016-жылы Кыргызстанда расмий эмес иш менен камсыз кылуу, калктын % ..... 19
6-Таблица. Расмий эмес иш менен камсыз кылуу аймак жана жынысы боюнча, калктын% ..... 20
7-Таблица. Биринчи жумушта билим деңгээлинин туура келбегендиги,% ..... 22
8-Таблица. Эмгек рыногун баалоо үчүн тандоо ..... 23
9-Таблица. Кыргызстандагы тектиль өндүрүшү – Текстиль өндүрүшү, кийим-кече жана бут кийим өндүрүшү, булгаары жана башка булгаары буюмдар ..... 29

10-Таблица. Аймак № 1 – Жалал-Абад областынын Сузак району. Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү ........ 38
11-Таблица. Аймак № 2 – Нарын областынын Нарын шаары – Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү ........ 38
12-Таблица. Аймак № 3 – Нарын областынын Кочкор району – Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү ........ 39
13-Таблица. Аймак № 4 – Ош областынын Араван району – Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү ........ 39
14-Таблица. Аймак № 5 – Жалал-Абад областынын Базар-Коргон району – Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү ........ 40
15-Таблица. Аймак № 6 – Бишкек шаарынын Свердлов району – Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү ........ 40
16-Таблица. Аймак № 7 – Ош шаары – Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү ........ 41
17-Таблица. Долбоорго катышкан аймактарда окутуу борборлору менен жаштарды окутуу муктаждыктарынын кенемтелери жана өз ара байланыштарынын таблицасы ........ 42
Таблица А1. Аймактар жана жаш өзгөчөлүктөрү боюнча жумуш менен камсыз болгондор, жумуштуулардын жалпы санынын % ........ 49
Таблица А2. Экономиканын ар кандай секторлорунда жумуш менен камсыз болгон жаштар (18–28 жаш), 18-28 жаштагы жумуштуулардын жалпы санынын % ........ 49
Таблица А3. Аймактар жана курактык өзгөчөлүктөр боюнча орточо киреше, сом. ........ 50
Таблица А4. Жаштардын биринчи жумуштуулугунун статусу, %. ........ 50
Таблица А5. Ар кандай секторлордо жумуш менен камсыз болгондорду шаар жана айыл жергелери, курактык өзгөчөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү, жумуштуулардын жалпы санынын % ........ 51
Таблица А6. Курактык өзгөчөлүктөр, шаар жана айыл жергелери боюнча орточо киреше, сом ........ 51
Таблица А7. Жыныстык жана курактык өзгөчөлүктөрү боюнча жумуш менен камсыз болгондор, жумуштуулардын жалпы санынын % ........ 52
Таблица А8. Ар кандай секторлордо жумуш менен камсыз болгондорду жыныстык жана курактык өзгөчөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү, жумуштуулардын жалпы санынын % ........ 52
Таблица А9. Жыныстык жана курактык өзгөчөлүктөрү боюнча орточо киреше, сом. ........ 53
Таблица А10. Областтар боюнча 2016-ж.орточо түшүмдүүлүк, ц/га ........ 53
Таблица А11. Райондор боюнча 2016-ж.орточо түшүмдүүлүк, ц/га. ........ 54
Таблица А12. Областтар боюнча негизги айыл чарба өнүмдөрүнүн түшүмдүүлүгү, бир үй чарбасына кг менен ........ 55
Таблица А13. Тандалган райондор боюнча негизги айыл чарба өнүмдөрүнүн түшүмдүүлүгү, бир үй чарбасына кг менен ........ 56
Таблица А14. Жыныстык өзгөчөлүгүнө, шаар жана айыл жергесине карай бөлүштүрүү менен жаштардын (18–28 жаш) ар түрдүү секторлордо жумуштуулугу, жумуштуулардын жалпы санынын % ........ 57

## Кыскартуулар

| | |
|---|---|
| БАУ | Борбордук Азия Университети |
| ИДП | Ички дүң продукт |
| КЖ | «Кыргызстанда жашоо» изилдөө |
| КТКӨКП | Кыргызстандын тоолуу коомчулуктарынын өнүгүүсүн колдоо программасы (MSD-SP) |
| МБСИ | Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| ЧОИ | Чакан жана орто ишканалар |

## Кыскача мазмуну

Кыргызстандагы эмгек рыногу 2.35 млн иш орундарын түзөт (2017). Акыркы он жылдын ичинде жалпы калкты иш менен камсыз кылуу үлүшү 41% дан 38% га чейин кыскарган. Эмгек рыногунда адамдардын эки тобу бар: иш менен камсыз кылуу, ошондой эле өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу. Иштеген адамдардын үлүшү акыркы он жыл ичинде 54% дан 61% га чейин көбөйгөн, бул өсүш көбүнчө жеке ишкерлер тарабынан түзүлгөн жумушчу орундардын эсебинен болуп саналат. Ишкана аркылуу ишке орноштуруу эмгек рыногунун 30%ын түзөт. Эмгек рыногунда чакан жана орто ишканалардын сектору бүтүндөй экономикада сыяктуу эле, негизги ролду ойнойт.

Кыргызстанда чакан жана орто ишканалар сектору акыркы жылдарда өлкөнүн ИДПна карата 40%ды түзгөн абалына жетти. Бул секторду чакан жана орто өлчөмдөгү ишканалар (фирмалар), жеке ишкерлер жана дыйкан чарбалары – дыйкандар түзөт. 2006-жылдан 2017-жылга чейин дыйкан чарбалардын үлүшү 16,9% дан 7,3% га чейин төмөндөсө, жеке ишкерлердин үлүшү (17,8% дан 21,2% га чейин), ошондой эле чакан ишканалардын үлүшү көбөйдү (5, 8% дан 6,5% га чейин). Ошону менен бирге, орто ишканалардын улүшү, ошол эле мезгилдин ичинде, 4,7% дан 4,3% га чейин бир аз кыскарган.

Акыркы он жылдын ичинде чакан жана орто ишканаларда (ЧОИ) иш менен камсыз кылуу үлүшүнүн өсүшү байкалган, ал эми жалпы иш менен камсыз кылуу өлкө боюнча 12,8% дан 21,2%, га чейин өстү. Чакан жана орто ишканаларда, анын ичинде дыйкандарды жана алардын үй-бүлөлөрүн жалпы иш менен камсыз кылуу Кыргызстандын бардык иш менен камсыз кылуунун 37,7% ээлейт. ЧОИ секторундагы өнүгүү, жүз миңдеген чарбалык субъекттеринин иштеп жатышы, ошондой эле, үйдө пайда болгон чакан ишканалардын болушу менен шартталган.

Жаш адамдардын 27% айыл чарба тармагында, 16% курулуш жана 16% - соода жана чекене соода тармактарында иштейт. Бул тармактарда иштөө эч кандай атайын техникалык билимди же белгилүү бир шыкты талап кылбайт. Ошол эле убакта, иш менен камсыздоонун расмий түрдөгү тармактары (билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык коргоо, өндүрүш, маалымат жана байланыш) атайын билимди жана окутууну талап кылат.

Кыргызстандын түндүк жана түштүк аймактарында жаштардын көбү жалданма жумушчулар катары иштешет. Түштүктө, жумушсуз же каттодон өтпөгөн жумушчулардын саны кыйла жогору. Мындан тышкары, түштүктө жаштардын көбү өзүн-өзү иш менен камсыз кылышат. Ал эми, түндүктө үй-бүлөлүк жумушчулар көп. Түштүк региондордо жаштардын ишкердик орто кирешеси жана эмгек акысы түндүккө караганда кыйла жогору. Түндүк жана түштүк үчүн да, жаштарды иш менен камсыз кылган ири тармак айыл чарбасы болуп саналат. Айыл жергесинде ылайыктуу жумуш таба албаган жаштардын көбү шаарларга жана / же жумуш издеп Россияга көчүп кетип жатышат.

«Айыл - шаар» миграция багытынын көз карашы менен алганда, билинип турган тармактык айырмачылыктар бар. Айыл чарбасы айыл тургундарынын 35% ын жумуш менен камсыз кылат. Ошону менен бирге, соода жана ремонт кызматтары өлкө боюнча шаар аймактарында көбүрөөк өнүккөн. Курулуш жана өндүрүш тармактарында, ошондой эле билим берүү чөйрөсүндө жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү шаарларда көбүрөөк. Мындан тышкары, эмгек акы жана бизнес кирешеси айыл жерлерине салыштырганда шаарларда жогору.

Көпчүлүк аялдар, айрыкча, жаш кыздар, жалданма жумушчулар болуп эмгектенишет. Көптөгөн аялдар, эреже катары, төлөнбөгөн үй-бүлөлүк жумушту аткарууну улантышпт. Ал эми жаш уландар 18 жашка жеткенден баштап акы төлөнүүчү жумушка кирүүгө аракет кылышат. Шаарларда, жаш уландар үчүн оңдоо мастерскойлордо, маалыматтык технологиялар чөйрөсүндө, ошондой эле машиналарды сатуу жана унаа тетиктерин сатуу сыяктуу жумуш жеткиликтүү. Аялдар көрсөткөн кызматтар, адатта, сулуулук жана чекене соода тармактары болуп саналат. Курулуш, транспорт жана байланыш тармактарында негизинен жаш жигиттер алек болушат, ал эми, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана коомдук ишке орношуу жаш кыздарга мүнөздүү. Аялдардын ишкердик кирешеси жана эмгек акысы, айрыкча, жаш кыздардыкы эркектердикине салыштырмалуу бир топ төмөн.

Бизнес ээлери, жумушчулар жана эмгек рыногунун эксперттеринин жоопторун талдоодо билим берүүдөгү тең салмактын жоктугун аныктады. Ошол себептен эмгек рыногундагы пайда болгон юридикалык жана/же экономикалык билими бар ЖОЖтун жаш бүтүрүүчүлөрүнүн саны өтө ашыкча. Ошол эле учурда, азыркы күндө эмгек рыноктотигүү, тамак жасоо жана ширетүү тармактарындагы кесиптик-техникалык билими жана чеберчилиги бар адамдарга муктаждык көбүрөөк. Бакалавр даражасын (колледж) алып жана чакан бизнесте, тигүү ишканаларында, курулуш компанияларда жана кызмат көрсөтүү секторунда иштеп жаткан кызматкерлер жогорку билими жок жаштардай эле маяна алышат. Чакан жана орто бизнесте ишке кабыл алуу учурунда жумуш келишимдери сейрек бекилет, адатта, оозеки келишимдин негизинде ишке орношушат.

Шаар аймактарында жайгашкан чакан жана орто ишканалар айыл жергесинен келген мигранттарды жумуш менен камсыз кылат, алардын көпчүлүгү расмий эмес түрдө ишке орношот. Жөндөмдүү жумуш рыногунда шаардык жана айылдык жумушчулардын ортосундагы атаандаштыктын деңгээли жогору. Шаардык жана айылдык талапкерлердин ортосунда билим жагынан ажырым бар, ошондуктан алардын эмгек акысы тең эмес.

Шаар аймактарында ишке орноштуруу жогорураак, бирок (айрыкча, курулуш, кийим-кече жана тамак-аш азыктарын өндүрүү тармактарында) убактылуу болушу мүмкүн. Айыл жеринде, иш менен камсыз кылуунун убактылуу табияты өсүп жаткан мезгили (сезондук) менен тыгыз байланышы бар. Өсүп жаткан тармак - сулуулук тармагы, сулуулук салондору (чач тароо,макияж, тырмак жана кирпиктердин дизайны) жаш аялдар үчүн өзгөчө маанилүү болуп саналат.

Айылдык эмгек рыногунда, дыйканчылык жана мал чарбасы, ошондой эле тоолуу моно этникалык жана түздүктөгү көп улуттуу аймактар ортосундагы багыттардын ачык айырмалары бар. Кыргызстандын түштүгүндө миграция өтө жогору экендиги байкалган. Жалпысынан алганда, түштүктөгү айыл жерлгесинде, түндүк айыл жерине салыштырганда, көп жерлерде экономикалык өсүш токтоп калган, жана жаштарды ишке орноштуруу мүмкүнчүлүктөрү азыраак.

Коомдук уюмдар шаар жерлеринде гана жаштарды иш менен камсыз кылуу жана окутуу үчүн айрым иш-чараларды уюштурат. Долбоор ишке ашып жатканаймактарда бир катар коомдук жана жеке менчик билим берүү уюмдары бар. Бул изилдөөнүн жыйынтыгы менен окуу мекемелеринин картасы, ошондой эле окуу мекемелеринин жана алар сунуштаган курстардын толук тизмеси түзүлгөн.

Жаш кызматкерлер үчүн көндүмдөрдүн түрлөрүнүндө эки негизги боштуктар аныкталды: интеллектуалдык/аналитикалык иштерди аткаруу жөндөмдүүлүгү; техникалык/

физикалык ишти аткаруу жөндөмдүүлүгү. Шаар жергесинде, жаш жумушчуларда, адатта, көндүмдөрүн эки түрү тең жок. Интеллектуалдык иш тилдерди терең билүүнү (кыргыз, орус, англис), компьютердик көндүмдөрүн жана эл менен иштөө көндүмдөрүн (жетекчилик жана байланыш) талап кылат. Жаштардын кесиптик колдонуу үчүн кесиптик-техникалык колледждерде алган кесиптик жана практикалык жөндөмдүүлүктөрү жетиштүү эмес. Бул боштуктар айрым конктерттүү кесип ээлеринин жетишсиздигине алып келет (мисалы, тикмечилик адистердин, механиктер, техниктер, ширетүүчү) .

Ошондой эле окуу программасы менен эмгек рыногунун талаптарынын ортосундагы шайкеш келтирүүнүн жоктугу байкалат. Билим берүү мекемелери көп бекитилген окуу планына ылайык иштейт, ал эми чындыгында ишканалар билим менен көндүмдөрдүн башка топтомдорун талап кылышат. Ишканалар билим берүү мекемелери менен бирге окуу программаларын жакшыртууга умтулушат. Ошондой эле, реалдуу практикалык иш тажрыйбасынын жоктугу бизнес ээлерине көрүнүп турат. Ошону менен бирге, стажировканын жоктугу (өндүрүштүк практика) жалпы билим берүү системанын орчундуу кемчилиги болуп эсептелет.

Айыл жеринде, эмгек рыногу чектелген. Жаштар негизинен аз акы төлөнүүчү квалификациясы жок мезгилдик жумуштарга орношот. Мындан тышкары, көптөгөн мектеп жашындагы балдар сезондук талаа жумуштарда иштешет. Дыйкандар ишти кандай аткарыш керек экендигин көрсөтөт жана анын сапатын көзөмөлдөйт. Айылдык жаштар үчүн кандайдыр бир киреше алуу үчүн сейрек кездешүүчү мүмкүнчүлүк болсо да, жалданган жумушчуларды ишке шыктандыруучу шарттар жок. Көбүнчөсү, жаштар айыл чарба тажрыйбасын изилдөө жана көндүмдөргө ээ болууну каалабайт, анын ордуна, окууну бүткөндөн кийин шаарга кеткиси келет.

Изилдөөнүн алкагында шаардык жана айылдык райондор үчүн эң маанилүү азыктар жана базарлар аныкталды. Бизнес жана билим берүү боюнча эксперттер эмгек рыногунда жаштарды иш менен камсыз кылуу үчүн жөнөкөй стратегияларды сунуш кылышты: иш менен камсыздоонун реалдуу абалын изилдөө жана жумуш издөө үчүн ноу-хау иштеп чыгуу.

Долбоорго катышткан ар бир аймак үчүн, жаштардын көз карашынын негизинде эмгек рыногун өнүктүрүү үчүн мүмкүн болгон потенциалдык натыйжалуу деген атайын продуктттар/кызматтар/базарлар топтому аныкталган. Улуттук статистика комитетинин жана ушул изилдөөнүн маалыматтарынын негизинде, жеке продукттар/кызматтар/ рыноктор эмгек рыногунун мүмкүнчүлүгүн баалоо менен бирге ар бир долбоордун аймагы үчүн сунушталган. Ошондой эле, долбоорго катышкан аймактарда жайгашкан колледждер, кесиптик-техникалык окуу жайлар, жеке менчик билим берүү кызматтарын жабдып туруучулар, ошондой эле, жеткиликтүү тренингдердин түрлөрү жөнүндө маалыматтар базасы түзүлдү. Чогулган маалыматтардын негизинде, азыркы билим берүү жана зарыл көндүмдөрү боюнча кемчиликтер жана өз ара байланышы боюнча долбоордун ар бир территориясы үчүн карта түзүлдү, ал карта азыркы кездеги билим берүү кызматтарынын кемчиликтерин көрсөтүп турат.

Долбоордун өнөктөштөрү үчүн аныкталган кемчиликтер боюнча бир катар сунуштар иштелип чыккан, ар бир аймак боюнча өлкөнүн жаштарынын реалдуу муктаждыктарынын топтому сунушталган. Мындан аркы жаштар эмгек рыногун изилдөөлөрү калктын келечектеги өнүгүүсүн жана кийинки он жылда жаштардын үлүшүн эске алыш керек. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн ролу негизги маселелердин иш мүнөзү жөнүндө гана

эмес, ошондой эле мамлекет тарабынан берилген кызматты жакшыртуу да болушу керек. Албетте, Кыргызстандын түштүгүндө калк жыш жайгашкан райондорго көбүрөөк көңүл бурулушу керек. Талап кылынган атайын көндүмдөргө окутуудагы кемчиликтерди жок кылуу алыскы айыл жерлеринде жаштарга жардам бере алат. Билим берүү түзүмдөрүн кайра карап чыгууга өзгөчө көңүл буруу керек. Ошондой эле, жеке менчик сектор менен тыгыз кызматташуу жаштарга жана ишкерлерге жардам берет. Рыноктук шарттарга ийгиликтүү ылайыкташтырууну камсыз кылуу, аны менен бирге өздөрүнө жана коомго пайда алып келиш үчүн, жаштар жана алардын ата-энелери билим берүүгө болгон мамилесин кайрадан карап чыгуусу зарыл.

## 1. Киришүү

Жаштар эмгек рыногуна (18-28 жаш) баа берүү «Кыргызстанда жаштарды ишке орноштуруу мүмкүнчүлүгүн жана коомдук турмушка катышуусун жогорулатуу» долбоорунун алкагында «Кыргызстандын тоолуу коомчулуктарынын өнүгүүсүн колдоо программасы» (КТКӨКП) аттуу коомдук фонд тарабынан жана Ага Хан Фонду (АХФ), Социалдык Иш-керлердин Бирикмеси (СИБ), Дебаттар боюнча эл аралык билим берүү бирикмеси (ДЭАББ) жана Борбордук Азия Университети (БАУ) менен өнөктөштүктө, АКШнын Эл аралык өнүктүрүү агенттигинин (USAID) каржылоосу менен ишке ашырылган. Долбоордун максаты жаштарга жарандык, социалдык жана экономикалык турмушка активдүү жана жигердүү катышууга үйрөтүү менен алардын үй-бүлөлөрүн жана жамааттарын өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү болуп саналат.

Бул изилдөөнү Борбордук Азия Университетинин (БАУ) Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту (МБСИ) долбоорго катышып жаткан төмөнкү аймактарда жүргүзгөн: Бишкек шаарынын Сведлов районунда, Кочкор районунда, Нарын шаарында, Өзгөн районунда, Ош шаарында, Базар-Коргон жана Сузак райондорунда.

Жаштар Кыргызстандын калкынын 25,7% пайызын түзөт (14-28 жаш)1. Бул көрсөткүч ЭКӨУ мүчө өлкөлөрүнө салыштырганда орточо 8% га жогору. Жаштар Кыргызстандын калкынын салыштырмалуу чоң үлүшүн түзөт, жеткиликтүү жумуш орундарына атаандаштык өсүп жаткандыктан жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүнө жана рынокко даярдык жагынан түздөн-түз таасирин тийгизет. Бул туруктуу көйгөй болуп калат, анктени Кыргызстандын калкынын санын кийинки он жылдыкта андан да көп жаштар түзөт.

Бул отчет негизги үч бөлүмдөн турат. 2-бөлүмдө Кыргызстандын эмгек рыногунун баяндамасы берилип, ЧОИ секторунун маанилүү жактары жана алардын эмгек рыногуна тийгизген таасири көрсөтүлгөн. Кыргызстандын жаштарын иш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүнө баа берилет. Талдоо үчүн, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (УСК) жана «Кыргызстанда жашоо» (КЖ) аттуу улуттук топтук изилдөөнүн (панелдик сурамжылоо) маалыматтары пайдаланылды.

3-бөлүмдө, долбоор ишке ашырылып жаткан төрт районду камтыган изилдөө учурунда эксперттик маектерден алынган жыйынтыктар көрсөтүлгөн: Бишкек (Свердлов району); Ош шаары; Араван району жана Кочкор району. Натыйжалары жаштарды иш менен камсыз кылуу боюнча негизги маселелерди, ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүн, жаштарды иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү учурдагы багыттарды, негизги максаттуу өндүрүштөрдү жана кызмат көрсөтүүлөрдү долбоордун бардык аймактарында аныктоого жардам берди. Жаштар эмгек рыногунун кемчиликтери жана өз-ара иш аракеттеринин картасы долбоордун чегинде кийлигишүүлөрдүн мүмкүн болгон багыттарын аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Аягында, 4-бөлүмдө талдоонун жыйынтыктарнына негизделген корутундулар жана сунуштар берилген.


1 Улуттук статисткалык комитет (2018-ж) КР нын Демографиялык жылдыгы 2013-2017 ж., Бишкек, Кыргызстан

# 2. Кыргызстандагы эмгек рыногу

## 2.1. Өлкө жөнүндө кыскача маалымат

Кыргыз Республикасы Борбордук Азиянын ортосунда жайгашкан жана 6,3 миллионду түзгөн көп улуттуу калкы менен мүнөздөлөт. Калктын көбү - кыргыздар (70%), өзбек жана орус улуттары тиешелүүлүгүнө жараша 15% жана 7% ды түзөт. Өзбектер, негизинен, Кыргызстандын түштүк аймагында - Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында жашайт. Орус калкынын көп бөлүгү Бишкекте жана анын чет-жакасында жашайт.

**1-Сүрөт. 2011-2015 –ж. Кыргызстандын негизги тармактары боюнча ИДП жана кошумча нарктын өсүшү, өткөн жылдагыга салыштырганда, %**




Булагы: Улуттук статистика комитети.

Акыркы жылдары Кыргызстанда өлкөнүн маанилүү тармактарында туруксуздуктун жогорку даражасын көрсөткөн экономикадагы карама-каршылык динамикасы байкалат (1-сүрөт). 2015-жылы, Евроазиялык экономикалык биримдигине кирген жылдан бери Кыргызстанда Орусия жана Казакстанга болгон экспорттун олуттуу жогорулашы байкалган жок. Бирок, биримдикке мүчө болуу Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн жумушчу орундарды камсыз кылуу жагынан да маанилүү болуп, которулган акча каражаттары ИДПнын үчтөн бир бөлүгүн тузүп калды. Бул көрсөткүч Кыргызстанды дүйнө жүзү боюнча экинчи орунга коет.

Акыркы он жыл аралыгында, айыл чарба, энергетика жана өндүрүштүн баардык секторлору өлкөнүн экономикасында алардын үлүшү жагынан төмөндөдү (1-Таблица). Өнүгүп келе жаткан секторлорго курулуш, соода, транспорт жана байланыш тармактары кирет. Өлкөнүн узак мөөнөттүү экономикалык өсүшү 4% жана 4,5% га чейин, ал эми айыл чарба тармагы орточо 2% га өскөн. Курулуш, соода, транспорт жана байланыш өсүүнүн жого-


руурак деңгээлин көрсөткөн (1-Сүрөт). Өндүрүш тармагы өлкөдөгү ири алтын кенинин ишине өтө көз карандылык менен шартталган өсүштүн жогорку туруксуздугун көрсөттү.

## 1-Таблица. Кыргызстандын экономикасынын негизги тармактары ИДП да 2000-2017 жылдары.,%

| | 2000 | 2004 | 2008 | 2012 | 2015 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба | 34 | 30 | 23 | 17 | 14 | 12 |
| Өндүрүш | 18 | 15 | 13 | 12 | 16 | 15 |
| Энергетика, газ жана суу | 6 | 3 | 1 | 3 | 2 | 2 |
| Курулуш | 4 | 2 | 5 | 6 | 8 | 8 |
| Соода | 12 | 16 | 16 | 16 | 19 | 18 |
| Транспорт | 2 | 3 | 4 | 5 | 4 | 4 |
| Телекоммуникация | 1 | 3 | 4 | 4 | 4 | 4 |
| Мамлекет, билим берүү жана саламаттыкты сактоо | 9 | 10 | 11 | 15 | 13 | 15 |
| Таза салыктар | 7 | 10 | 13 | 13 | 12 | 13 |
| Башка секторлор | 5 | 7 | 8 | 9 | 8 | 9 |

Булагы: Улуттук статистика комитети.

## 2-Сүрөт. Кыргыз Республикасынын 2008-2017-жылдардагы иш менен камсыз болуусу., млн киши.




Булагы: Улуттук статистика комитети.

Кыргыз Республикасында иш менен камсыз болуусунарасмий жана расмий эмес эмгек рыногунда да иштеген адамдар кирет. Иштегендердин саны 2008-жылдан тартып 2017-жылга чейинки мезгилде 2,18 млн дон 2,35 млн.го көбөйгөн. Ошол эле мезгил ичинде, иштегендеринин үлүшү калктын жалпы санында 41% дан 38% га чейин төмөндөдү. Калкынын саны акыркы он жылдын ичинде 16% га көбөйгөн, ал эми иш менен камсыз кылуу, улуттук экономиканын жай өнүгүшү менен шартталган чектелүү мүмкүнчүлүктөр себебинен 7,6% га гана өскөн. 2017-жылы, иш менен камсыз болгондордун 62% ын эркектер түзгөн, 2018-жылкы 58%га салыштырмалуу.

**2-Таблица. Кыргызстанда иш менен камсыз кылуунун түрлөрү 2008-2017-жылдары. миң.жумушчулар**

| № | | 2008 | 2011 | 2014 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|
| **I** | **Иштегендер** | **1 173,7** | **1 302,1** | **1 216,9** | **1 438,9** |
| 1 | Ишканаларда | 669,9 | 706,2 | 673,7 | 715,9 |
| 2 | Жеке ишкерлер катары | 503,8 | 595,9 | 543,2 | 723,0 |
| **II** | **Өзүн-өзү жумуш менен камсыз кылгандар** | **1 010,6** | **975,6** | **1 085,8** | **912,3** |
| 1 | Иш берүүчүлөр | 17,7 | 16,7 | 33,1 | 37,0 |
| 2 | Жеке ишкерлер | 595,8 | 597,8 | 649,7 | 627,2 |
| 3 | Өндүрүштүк кооперативдин мүчөлору | 4,9 | 7,8 | 8,1 | 8,2 |
| 4 | Акы толөнбөгөн үй-бүлөдөгү жумушчулар | 252,3 | 205,6 | 282,3 | 152,4 |
| 5 | огороддо иштеген адамдар | 139,8 | 147,7 | 112,6 | 87,4 |
| | Жалпы иш менен камсыз кылынгандар | 2 184,3 | 2 277,7 | 2 302,7 | 2 351,2 |

Булагы: Улуттук статистика комитети.

Эмгек рыногунда иштеген адамдар эки түрү бар: жалданып иштеген жана өзүн-өзү иш менен камсыз кылган. Акыркы он жылдын ичинде бардык иштегендердин үлүшү 54% дан 61% га чейин өскөн[2]. Адамдар расмий эмес эмгек рынокторунда жеке ишкер катары тез-тез иштеп жатышат – 2000 - 2017-жылга чейинки мезгилде иштин ушул түрү менен камсыз болгондордун жалпы үлүшү өлкө боюнча 23% дан 31% га чейин өскөн (1-Таблица). Ишканаларда жана өзүн-өзү иш менен камсыз кылгандардын үлүшү туруктуу жана тиешелүүлүгүнө жараша, 2008-жылы 31% жана 27%, жана 2017-жылы 30% жана 27% болуп саналат. Акы төлөнбөгөн үй-бүлөлүк жумушчулурдын үлүшү 2008-жылы 12% дан 2017-жылы 6% га чейин төмөндөдү, аялдар бул сегментинде 63% ды түзөт. Акыркы он жыл ичинде акы төлөнбөгөн үй-бүлөлүк жумушчулурдын үлүшү 60 дан 70% га чейин түзгөн. Ошентип, ишканаларда иштеген адамдар эмгек рыногунун 30% ын ээлейт. Бул көрсөткүч кыйла туруктуу, жана өсүштүн эч кандай белгисин көрсөтпөйт. Иш менен какмсыз болгондордун калгандары өз алдынча иштейт, жеке адамдар тарабынан жалдаган же өз үй-бүлөлөрүндө иштейт. Бул, көбүнчөсү расмий эмес мүнөздөгү талаптарды канааттандырыш үчүн жаштарды ишке орноштурууда көйгөй жаратат. Келишимдер көп учурда расмий эмес болуп саналат жана социалдык төлөмдөр жана милдеттери көбүнчөсү жок, же болбосо, минималдуу деңгээлде болот. 1,4 млн иштегендердин ичинен 32% оозеки келишимдин негизинде жана эч кандай расмий келишими жок иштеп берүүгө макул болгон. Эмгек рыногундагы багыттардын арасында дагы бир маанилүү ачылыш экономикадагы чакан -ЧОИ секторунун негизги ролу болуп саналат. Калктын санынын өсүшү менен байланыштуу расмий экономикалык чектөөлөрдөн расмий секторунун андан ары токтоп калышына алып келет. Атап айтканда, салык саясаты микро-чакан жана орто бизнеси үчүн жагымдуу. Өнөр жайдын өнүгүшү үчүн мүмкүнчүлүктөр чектелүү болгондуктан, технологиялык ажырым бар, мындан тышкары, өлкөнүн деңизге чыгуу жокутугунан

2 УСК (2017-ж.) Иш менен камсыз болуу жана жумушсуздук. 2017-жылы үй-бүлө бюджетин жана жумушчу күчтү изилдөөнүн жыйынтыгы. Бишкек, Кыргыз Республикасы


жабыр тартууда. Акыркы он жыл ичинде, кыргыз экономикасында түзүлгөн жумушчу орундардын көбү ишкерлердин эсебинен берилген, адамдар же жалданып иштеген, же өздөрүнө-өзү иштеп жатышат.

## 2.2. Кыргызстандагы ЧОИ секторунун иш менен камсыз кылуудагы чечүүчү фактору катары

Кыргызстанда чакан жана орто бизнести сектору экономикада маанилүү ролду ойнойт, 2006-жылы жана 2008-жылы ИДПга кошкон салымы, тиешелүүлүгүнө жараша. 45% жана 46% ды түздү. Андан кийин, ЧОИ нын улуттук экономикасына кошкон салымы 40% га чейин төмөндөгөн, бирок кийинчерээк турукташып калды (3-Сүрөт). Микро, чакан жана орто ишканалардын төрт түрү экономиканын ушул үлүшүн түзөт: чакан жана орто ишканалар (фирмалар), жеке ишкерлер, ошондой эле дыйкан чарбалары. Экономиканын эки башка түрлөрү -өндүрүш жана тейлөө тармактары үчүн берилген чакан жана орто ишканалардын аныктамасы Өкмөттүн № 783-чү Токтомунда берилген.

Бирок, бул классификация расмий түрдө катталган юридикалык жактардын иш-аракеттерине гана тиешелүү болуп, жеке ишкерлер жана дыйкандар тарабынан жүргүзүлгөн иш-аракеттерди камтыган эмес. Ошондуктан, Улуттук статистика комитети (УСК) ушул классиификацияны ылайыкташтырып, жеке ишкерлерди жана дыйкан чарбаларды кичи, чакан жана орто ишканалардын ичине киргизген[3].

**3-Сүрөт. Экономикада чакан жана орто ишканалардын 2006-2017- ж.үлүшү, % ИДПдан**




Булагы: Улуттук статистика комитети.


Сектордун өсүш темпи төмөндөгөндүктөн, ИДПдагы дыйкан чарбаларынын үлүшү, 2006-жылы жана 2017-жылга чейин 16,9% дан 7,3% га, тиешелүүлүгүнө жараша, чейин азайган. ЧОИ секторунда жеке ишкерлердин үлүшү (17,8% дан 21,2% га чейин), ошондой эле 2006-жылдан 2016-жылга чейин чакан ишканалардын үлүшү көбөйгөн (5,8% 6,5% чейин), тиешелүүлүгүнө жараша. Ошол эле мезгилде, орто ишканалардын үлүшү 4,7% дан 4,3% га чейин төмөндөдү.

ЧОИ сектору иш менен камсыз кылуу, 2006-жылдан 2017-жылга чейин өлкөдөгү бардык жумуш орундары боюнча 12,8% дан 21,2% га чейин жогорулагандыгын көрсөткөн (4-Сүрөт). Бул көрсөткүч акыркы үч жыл аралыгында 20% деңгээлинде турукташты. Чакан жана орто бизнес секторунда 2017-жылы (айыл чарбаны эске албаганда) 500,000 адам жумуш менен камсыз болгон. Мыйзамдуу түрдө катталган ишканаларда жалданма эмгектин жалпы үлүшү болгону 3,7% түзөт. Ошондой эле, айыл чарбасы да – дыйкан чарбалары- иш менен камсыз кылуу эмгек рыногунун бир кыйла үлүшүн түзгөнүн бел-

3 УСК (2018-ж.) Кыргыз Республикасынын чакан жана орто бизнеси, 2013-2017-ж., Бишкек ш., Кыргызстан

гилей кетүү зарыл. Дыйкан чарбалары 387.500 жумушчу орундардын булагы (жалпы иш менен камсыз кылуунун 16,5%), негизинен дыйкандар жана акы төлөнбөгөн үй-бүлөлүк жумушчулардан турат. 2006-жылы жана 2017-жылга чейин айыл чарбасында иш менен камсыз кылуу 26,5% дан 16,5% га чейин төмөндөгөнүн белгилеп өтүш керек. Негизинен, айыл чарбасында иш менен камсыз кылуу боюнча бир кыйла төмөндөшү, 2015-жылдан кийин айылдык калктын, кошумча жумуш орундарын табуу мүмкүнчүлүгүн издеп, Россияга кетиши менен байланыштуу[4]. Чакан жана орто бизнесиндеги жалпы иш менен камсыз кылуу, анын ичинде, дыйкандар жана алардын үй-бүлөлөрүн, Кыргызстанда бардык иш орундарынын жумуштун 37,7% камсыз кылат. Ошентип, Кыргызстандагы эмгек рыногу ЧОИ секторунун өсүшү менен аныкталат, көбүнчөсү дыйкан чарбалары жана баштапкы деңгээлдеги чакан микро ишканаларда иштеген жүз миңдеген ишкерлердин активдүүлүгүн стимулдайт.

**4-Сүрөт. Кыргыз Республикасындагы ЧОИ секторундагы жумуш орундары менен камсыз кылуу, 2006-2017-ж.%**




Булагы: Улуттук статистика комитети.

## 2.3. Кыргызстандагы жаштарды иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү негизги багыттар

Колдо бар маалыматтарга караганда, Кыргызстанда жумушсуздук 7,4% ды түзөт, дүйнөлүк орточо көрсөткүчтөн жогору, ал 5,7% га барабар[5]. Кыргызстанда 18ден 28 жашка чейинки жаштар арасында, расмий жумушсуздуктун көрсөткүчү 7%, шаар аймактарында жумушсуз жаштардын көбүнчөсү жашайт (7,6%), ал эми айыл жерлеринде жаштар арасында жумушсуздук деңгээли төмөнүрөөк (6,8%) (3-Таблицаны кара). Жумушсуздук деңгээли анча деле жогору эместей көрүнүшү мүмкүн, ал расмий эмес жумушсуздукту, айыл чарбадагы толук эмес убакыт жана өзүн-өзү иш менен камсыз кылууну эсептөө үчүн пайдаланган методологияга байланыштуу.

4 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматтын маалыматы боюнча, Россиядагы кыргызстандык эмгек мигранттарынын саны 2018-жылы 640 000 адамды түзөт. 2018-жылдын ноябрындагы маалымат, http://ssm.gov.kg/

5 Дүйнөлүк өнүгүүнүн көрсөткүчтөрү, https://data.worldbank.org/indicator/SL.UEM.TOTL.ZS

Ички мигранттар айыл жергесинен шаар жерине көчүп келүү агымы өтө жогору[6], ал шаарларда жумушсуздук деңгээлинин өсүшүнө алып келет. Кыргызстанда көптөгөн жаш адамдар жумуш издеп, негизинен Бишкек жана Ош шаарларына көчүп келет. Тилекке каршы, бул шаарлар жумушка болгон суроо-талапты канааттандыра албайт, ошондуктан көпчүлүк мигранттар жумушсуз калган, расмий эмес түрдө контракттары жана социалдык коргоосу жок иштейт, же чет өлкөгө көчүп кетишет, негизинен Россия жана Казакстанга[7].

**3-Таблица. Кыргызстанда калкты иш менен камсыз кылуу көрсөткүчтөрү,%**

| | 18 ден 28 жашка чейинки жаштар[8] | | | Жалпы | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | экономикалык жактан активдүү | иштеген | иштебеген | экономикалык жактан активдүү | иштеген | иштебеген |
| Жалпы | 60,7 | 53,7 | 7,1 | 61,5 | 57,1 | 7,2 |
| Айыл | 62,0 | 55,2 | 6,8 | 61,6 | 57,3 | 6,9 |
| Шаар | 58,3 | 50,7 | 7,6 | 61,4 | 56,6 | 7,8 |

Булагы: Улуттук статистика комитети 2016

**4-Таблица. 18-28 жашка чейин иштеген жаштар, жумуштун турлөрү боюнча**

| | **Кызматкерлердин саны, миң киши** | **жалпы % дан** |
|---|---|---|
| Жалпы | 662,8 | 100 |
| Айыл чарба | 181,1 | 27 |
| Курулуш | 106,2 | 16 |
| Соода жана чекене соода | 108,5 | 16 |
| Өндүрүш | 60,1 | 9 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 48,8 | 7 |
| Транспорт | 31,1 | 5 |
| Билим берүү | 36 | 5 |
| Мамлекеттик башкаруу | 26,4 | 4 |
| Башка | 64,60 | 10 |

Булагы: Улуттук статистика комитети, 2016

Жаштар катышкан экономикалык алаканы карасак, 27% айыл чарба секторунда иштейт, 16%соода жана чекене соода, дагы 16% курулушта иштешет (4-Таблица.). Айыл чарба, соода жана чекене соода экономиканын эки ири секторлору болуп саналат (ИДПнын 12% жана 18%, - 1-Табл), бул тармактарда эки жыныстын тең адамдары иштейт, ал эми курулушта эркектер басымдуулук кылат.

---

6 Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө бирдиктүү отчету (2014). Кыргыз Республикасынын эмгек, миграция жана жаштар министрлиги.

7 Ошол эле жерде

8 2009-жылдын 31-июлундагы «Мамлекеттик жаштар саясатынын негизги багыттары жөнүндө» № 256 мыйзамына ылайык, жаштар бул 14 жаштан 28 жашка чейинки адамдар, бирок өткөрүлгөн бардык изилдөөлөр 18 жаштан кийинки адамдарды камтыган, ал «Жарандык кодекстин» 56-беренесине ылайык, 18 жаштан гана башталган аракетке жөндөмдүүлүк ченеми менен байланышкан, 1996-ж.,8-май, № 15

Айыл чарба, соода жана чекене соода жана курулуш сыяктуу үч түрдүү тармактарда иштөө атайын техникалык билимди же белгилүү бир жөндөмдүүлүктөрдү талап кылбайт, тескерисинче, жөнөкөй милдеттерден турат. Ар бир дени сак адам адам, эч кандай тажрыйбасы жок болсо да жерди казуу, малканалардын кыгын тазалоо, же эки-үч күндө бир талаада отоо иштери сыяктуу жөнөкөй жумуштарды аткара алат. Адатта, эгерде зарыл болсо, тажрыйбалуу адам жаш жумушчулардын айыл чарба иштерине көзөмөл жасайт жана үйрөтөт. Ремонт жана кооздук үчүн тейлөө кызмат тармагында, жаштар өздөрүнүн кесиптик карьерасынын алгачкы баскычтарында кесипкөй кесиптештери менен чогу иштеп жаткан жерде кыска мөөнөттүү курстарда же окутууларда үйрөнүп алышат.

Тескерисинче, мисалы, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык коргоо, өндүрүш, маалымат жана байланыш тармактарында иштөө, белгилүү бир тармактарда кандайдыр бир даражага чейин же билимди талап кылат. Мугалимдер жана дарыгерлер тиешелүү тармактарда жогорку билими жөнүндөгү күбөлүктөрү жок болсо, иштөөгө жол берилбейт. Ошол эле учурда, маалымат жана байланыш кызматтары тийиштүү билими бар адистер тарабынан аткарылат.

## Кыргызстандын түндүк жана түштүгү: окшоштуктар жана айырмачылыктар

Эмгек ишмердиги жөнүндөгү маалыматтарга ылайык, Кыргызстандын түндүгүндө да, түштүгүндө да жаштардын көпчүлүгү жалданма жумушта иштеп жатышат (Таблица А1). Бул жогорку билимдин бир түрүн алып жана расмий (формалдык) мекемеге ишке киргендер үчүн өзгөчө маанилүү. Бул корутунду, окууну бүткөндөн кийин мамлекеттик мекемелерге ишке кирген университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн үлүшү өтө жогору жана окууну аяктагандан кийин расмий сектордогу жумуш менен камсыз болуу үчүн тик иерархиясы бар мамлекеттик мекемелерде иштөөнү көздөгөн ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн артыкчылыгына дал келет.

Түштүктө жумушсуздардын же каттодон өтпөгөн жумушчулардын деңгээли түндүккө караганда жогору. Эреже катары, жогорку билим берүүнүн ар кандай түрүн аяктай элек адамдар формалдуу эмес эмгек рыногуна барат, ал эми билимдүү адамдар катталган жумушту тандашат. Жогорку окуу жайлары негизинен түндүктө (39 түндүктө, 11-түштүктө) жайгашкан. Ошентип, түндүктө жаштардын жогорку билимге жетүүгө жакшы мүмкүнчүлүгү бар. Ошол эле учурда, түштүктө жаштардын көбүрөгү иштейт, ал эми түндүктө үй-бүлөлүү жумушчулар иштейт, бул Кыргызстандын түндүгү менен түштүгүнүн ортосунда калктын жыштыгынын айырмачылыктары жана үй чарбаларынын өлчөмү менен түшүндүрүүгө болот.

УСКнын (2016) тарабынан берилген маалыматтар, бул маалыматтарды ошол эле жыл үчүн салыштыруу максатында “Кыргызстанда жашоо” (КЖ) иликтөө маалыматтарында чагылдырылган (Таблица А2), бул жагынан алганда, жаш жумушчулардын көпчүлүгү айыл чарба менен алектенет, соода жана оңдоо кызматтары, курулуш, үй-бүлөлүк чарбаларда (үй-бүлөлүк менчик ишканалар), башка тармактарында, ошондой эле билим берүү тармагында.

Кыргызстандын түндүгүндөгү ишкердик киреше жана маяналарын түштүктөгү менен салыштырганда, түндүктө (Таблица А3) жогоруураак. Бул Кыргызстанда бизнестин көбү ЧОИ тарабынан (2016-жылы ашык 393 000 ишканалар) жүргүзүлгөнү, ошондой

эле, салыштырмалуу чакан обороту бар үй-бүлөлүк ишканалар менен байланыштуу да болушу мүмкүн. Түштүк аймактар жогорку орточо ишкердик киреше көрсөттү (66% га жогору) жана түндүк региондорунда караганда жаштар үчүн орточо эмгек акысы да (3% га жогору).

Түндүк жана Түштүк үчүн да, жаштарды иш менен камсыз кылуу боюнча ири сектору айыл чарба (Таблица А2 ) болуп саналат. Түндүк Чүй, Нарын, Талас жана Ысык-Көл облустарын, ал эми түштүк - Ош, Жалал-Абад жана Баткен региондорун камтыйт. А10-А13 Таблицаларында түрдүү тармактарда өндүрүлгөн айыл чарба азыктарынын түшүмү берилген.

Чүй облусу кант кызылчасын өндүрүү боюнча адистешкен. Мындан тышкары, буудай, жүгөрү, жашылча (айрыкча, сабиз жогорку кирешелүү) жана көп жылдык чөптөр тоют өсүмдүктөрүн катары жогорку түшүм (негизинен беде) берет. Чүй облусунда өстүрүлгөн мөмө-жемиштердин ичинде кара өрүк жана кулпунай бар.

Ысык-Көл областы, улуттук статистикага ылайык, арпа, картошка жана мөмө-жемиш өндүрүү боюнча жогорку түшүм алат. Акыркы топко алма, алмурут жана өрүк кирет. Мындан тышкары, Ысык-Көл областында эсперцеттин жогорку түшүмү катталган.

Талас облусу төө буурчакты өндүрүү жана экспорттоо боюнча белгилүү. Ошондой эле, жүгөрү, мөмө-жемиш жана көп жылдык айыл чарба өсүмдүктөрүн (негизинен беде) өндүрүү үчүн мүмкүнчүлүгү бар.

Нарын облусу, өзүнүн тоолуу рельефи үчүн, башка региондорго салыштырганда айыл-чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү жагынан анчалык жемиштүү эмес. Аймакта мал көбүрөөк басым кылат. Ошол эле учурда, бир аз арпа өсөт, (тоют катары колдонулат), картошка, жашылча (сабиз жана капуста), тоют өсүмдүктөрү (кара беде жана эспарцет) жана кулпунайдын салыштырмалуу ири көлөмү өндүрүлөт. Нарын облусунун Кочкор районунда, жогорку өсүмдүктөрдүн бардыгы өндүрүлөт, өзгөчө жогорку түшүмдү капуста жана сабиз берет (центнер гектарына ).

Кыргызстандын түштүгү боюнча, Ош облусу жүгөрүнүн, көп жылдык чөптөрдүн, жашылча жана мөмө-жемиштин ири өндүрүүчүлөрүнүн бири болуп эсептелет. Мындан тышкары, жашылча (негизинен пияз, помидор, сарымсак) өстүрүлөт. Араван району күн карама, картошка, помидор, пияз, таттуу калемпир, мөмө жана жер жемиштерин өндүрүү үчүн жарактуу болуп саналат.

Жалал-Абад облусунда айыл чарба өсүмдүктөрүн өндүрүү боюнча эң кеңири түрдүүлүгү (буудай, жүгөрү, күрүч, жашылча, коон, мөмө-жемиштерди, ошондой эле, пахтанын түшүмү эң жогору) бар. Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунда өсүмдүктөрдүн көп түрдүүлүгү өсөт, ал эми алардын биринде да эч кандай адистештирүү жок, Сузак районунда жүгөрүнүн жана эспарцеттин жогорку түшүм алынат.

Акырында, Баткен облусунда - күн карама, жашылча жана мөмө-жемиштин түшүмдүүлүгү жогору.

Ошентип, регионалдык деңгээлде жаш адамдардын иш менен камсыз болуу мүмкүнчүлүктөрү, негизинен, алардын үй-бүлө мүчөсү катары айыл чарбасында иштегендер жана/же жалданма жумушчу катары иштөөнү тандоо болуп саналат. Башка ыкмаларды тандап алгандар, эреже катары, шаарларга көчүп кетет, жана / же Россияга кетишет.

### Шаардык жана айылдык калк

Айыл же шаар тенденциясы Кыргызстанда жаштарды иш менен камсыз кылууда жумуш ордунун жаштарга жектиликтүүлүгүн көрсөткөн дагы бир маанилүү аспектиси. Жаштардын ишке орношуусунун биринчи түрү расмий эмес - жаштардын дээрлик жарымы бул жол менен жумушка орношот (Таблица А4). Жаштардын үчтөн бир бөлүгү расмий катталган жумушчулар, ал эми 12% балдарды кароо, дан эгиндерин өстүрүү, малды кароо же үй-чарбадагы жалпы иштерди аткаруу сыяктуу үй-бүлөлүк жалпы иштерге тартылганы аныкталган. . Эреже катары, үй-бүлөлүк иштин бул түрүнө акы төлөнбөйт жана мындай үй-бүлөлүк жумуштарда иштегендер айыл жеринде көп таралган.

Айыл чарбасында иштегендер айыл жашоочуларынын (Таблица А5) 35% нын түзөт. Мындан тышкары, жогоруда белгиленгендей, жеке үй чарбаларынын көпчүлүгү иштеген адамдар менен айыл жергенсинде жайгашкан. Соода жана оңдоо кызматтарын негизинен Кыргызстандын түндүгүнө мүнөздүү. Бишкек шаарындагы ири базарлар, «Дордой» базары (жеңил өнөр жай азыктары), ошондой эле «Кудайберген» базары (транспорт каражаттарын оңдоо жана машине тетиктерин сатуу) буга мисал боло алат. Түштүктө "Халмион" жана Кара-Суу шаарындагы базарлары бар. Айыл жергесинде соода жана оңдоо кызматтарына негизинен чакан үй-бүлөлүк дүкөндөр жана жергиликтүү базарлар кирет.

Курулуш жана өнөр жай тармактары, негизинен, шаар жеринде жумуш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрүн сунуштайт. Бул тармактарда иш менен камсыз кылуу абалын өндүрүштүн өсүшүнүн туруксуздугу жана курулуштун тез өнүгүүсү аркылуу көрүүгө болот (1-Сүрөт). Билим берүү тармагында ишке орношуу деңгээли, түндүктө шаар жергесинде жайгашкан мекемелердин саны көп болгондуктан жогору. Бирок, түштүктө, мектептер жана кесиптик-техникалык билим берүү борборлору региондордо бир калыпта жайгашкан. Түштүктөгү шаарларда да билим берүү мекемелеринин бар.

Шаарларда эмгек акысы жана ишкердик киреше айыл жергесине караганда жогору болуп эсептелет, ошондуктан айылда жашаган адамдар үчүн шаарга көчүп кетүүгө түрткү болот (Таблица А6). Шаарларда иштеген жаш кызматкерлердин эмгек акысы орточо деңгээлден жогору экендигин белгилей кетүү керек. Бул айырма каржылык жана кайра иштетүү өнөр-жай тармактарында иштеген жаштардын айлык акысы салыштырмалуу жогору экендигине байланыштуу болушу мүмкүн. А5 Таблицасы, каржылык жана кайра иштетүү өнөр-жай секторунда иштеген жаштардын иш менен камсыз болуусу жогору экендигин көрсөтүп турат - тиешелүүлүгүнө жараша 8% жана 4%, 11% жана 9%. Шаарлардын аймактарында негизинен өнүгүп жаткан эки сектор тең чоң айлыктарды сунуш кылат, жана орточо эмгек наркын жаштардын пайдасына жылдыра алат. Башка категориялар боюнча, жалпы эле Кыргызстандын эмгекке жарамдуу калкына караганда, шаар жана айыл жергесиндеги жаштар ишкердик кирешени аз алат. Улуу кесиптештери менен атаандашуу үчүн, жаш жумушчуларга, көбүнчөсү шыктар жана тажрыйба же ири тармактар жетишпейт (айрыкча, бизнес менен алек болгондорго).

## 2.4. Гендердик айырмачылыктар

Көпчүлүк аялдар, айрыкча, жаштары, жалданма жумушчулар болот (Таблица А7). Эркектерде жалданма жана өзүн-өзү иш менен камсыз кылгандардын үлүшү дээрлик бирдей, ал эми жаштарында бир кыйла төмөн болот. Жаш эркектер жана аялдар үй-бүлөлүк иш-каналарга бирдей салым кошот. Бирок, 18 жаштан жогору бул пайыздык эркектер үчүн

төмөндөп, аялдар үчүн өзгөрүүсүз калган, анткени, аялдар үй-бүлөлүк акы төлөнбөгөн ишинде кала берет, ал эми эркектер акы төлөнгөн жумуш табууга аракеттенет.

Иштеген калктын арасында, кээ бир аялдар айыл чарбасында иштегенине карабастан, (Таблица А8), эркектер бул сектордо басымдуулук кылат. Айыл чарба жумуштары, албетте, негизинен айыл жергесинде жайгашкан. Соода жана оңдоо кызматтары гендердик жагынан нейтралдуу иш менен камсыз кылуу сектору болуп саналса да, аялдар ремонттоого караганда соодада көбүрөөк иштейт. Айыл жергесинде, соода жана ремонт кызматтары, эреже катары, чакан жана үй-бүлөлөргө таандык. Шаар жерлеринде, эркектер тарабынан сунушталган кызматтар оңдоо мастерскойлору, маалыматтык технологиялар түрүндө (IT) жана авто унааларын жана унаа бөлүктөрүн сатуу болушу мүмкүн. Аялдарга берилген соода жана оңдоо кызматтары сулуулук кызматтарын жана чекене сооданы камтыйт. Ошол эле учурда, курулуш, транспорт жана байланыш тармактарына эркектер тартылган, алар физикалык жактан күчтүүрөөк, ал эми билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык иштер көп учурда  эркетерге караганда аялдарды жумуш менен камсыз кылат. Ишкердик менен алек болгон аялдардын бир айлык кирешеси эркектерге караганда бир кыйла төмөн (жалпысынан 40% төмөн, ал эми жаш аялдардыкы - 52%) (Таблица А9). Эмгек акылар арасындагы ажырым бир кыйла аз, бирок, аялдардын айлык акысы эркектерге салыштырганда дагы эле  (жаш аялдар үчүн 14%, жалпы 20%) төмөн. Жаштардын эмгек акысынын айырмасы, жыныс боюнча бөлгөндө,бардык тандап алуудан төмөн, бул эмгек акыдагы ажырымдын төмөндөө тенденциясын  далилдейт.

Жаштардын лидерлик мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн өзүнө тарткан  бир катар жамааттар жана тармактары бар, айрыкча AIESEC- адамдардын глобалдык тармагы, ал жаштардын лидерлигин вариант катары эмес, милдеттүү катары сүрөттөйт[9]. Дагы бир мисал ENACTUS болуп саналат, ишкердикти колдоо менен өлкөнүн коомдук-экономикалык кырдаалын жакшыртууга багытталган жаштар уюму.[10] Ошондой эле, аймактардагы жаш калк жаштардын «Бирге» аттуу өнүгүү боюнча форумуна  катышууда.[11]

### 5-Таблица. 2016-жылы Кыргызстанда расмий эмес иш менен камсыз кылуу[12], калктын %

| | Түндүк | Түштүк | Айыл | Шаар | Эркек | Аял |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 18 ден улуу | 42,6 | 58,1 | 54,2 | 45,6 | 39,1 | 62,3 |
| 18–28 жаш | 50,8 | 61,2 | 59,2 | 53,5 | 43,1 | 70,6 |

Булагы: КЖ (Кыргызстанда жашоо) 2016

Кыргызстанда жумушсуздуктун көрсөткүчү  мүмкүн төмөндөтүлгөн. түштүк калкынын жарымынан ашыгында расмий жумуш жок, ал эми түндүгүндө 43% га тиешелүү. Жумушсуздардын көпчүлүгү - аялдар. Жаштардын жумушсуздугу жагынан расмий эмес иш менен камсыз кылуу да жогору: аялдардын 71% расмий түрдө иштебейт, алардын көбү түштүктө айыл жеринде жашайт. Шаардык аялдардын дээрлик үчтөн экиси жумушсуз, айылдык жаш аялдардын 71% нын жумушу жок (5-Таблица) .

9 https://aiesec.org/about-us

10 http://enactus.kg/nasha-missiya

11 https://kaktus.media/doc/358518_forym_birge:_molodej_predlojila_5_proektov_dlia_razvitiia_kyrgyzstana.html

12 Маалыматта маанинин жоктугу - бул жумушсуз же расмий эмес иш  деген божомол  колдонулат

**6-Таблица. Расмий эмес иш менен камсыз кылуу аймак жана жынысы боюнча, калктын%**

| | Шаар | | Айыл | | Баары | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | эркек | аял | эркек | аял | эркек | аял |
| 18 жаштан уулу | 33,7 | 55,4 | 41,7 | 66,3 | 39,1 | 62,3 |
| 18–28 жаш | 41,3 | 63,3 | 44,0 | 74,7 | 43,1 | 70,6 |

Булагы: КЖ (Кыргызстанда жашоо), 2016


Иштеп жаткан жаштарды (Таблица A14) алсак, шаардык райондордо эркектер үчүн негизги жумуш тармактары - соода жана ремонт кызматтары болуп саналат (19,7%), курулуш (15%), транспорт жана байланыш (11,3%), кайра иштетүү ( 9,4%) жана коммуналдык иш-каналар, социалдык жана жеке кызматтар (9,4%). Бул тизмеден биринчи үчөөнө жогорку билим талап кылынбайт жана физикалык иш дегенди билдирет, акыркы экөөнө, жок дегенде, кандайдыр бир кесиптик билим (сантехник, электрик, жана башкалар) талап кылынат. Айылдык эркектер, негизинен айыл чарбасы (38%) менен алектенет, кээ бири курулушта (12,7%) иштейт, транспорт жана байланыш (9,5%), ошондой эле үй ичинде иштейт (10,3%). Шаардагы аялдарды иш менен камсыз кылуу чөйрөсү, эркектерге караганда, кыйла ар түрдүү болот. Көпчүлүк аялдар билим берүү секторунда (22%), саламаттыкты сактоо жана социалдык иште (14,7%), коммуналдык, коомдук жана жеке кызматтарды көрсөтүү (12,2%), каржы (11%), ошондой эле өндүрүштө (12,8%) иштейт, алардын ар бири билимди талап кылат, бирок бир эле соода жана ремонт кызматтары тармагында билимдин муктаждыгы жок, ал тармакта шаардык аялдардын 13,4% иштейт. Тескерисинче, айыл жергенсиндеги аялдар, эреже катары, билим жана кесиптик көндүмдөрдү талап кылбаган тармактарда иштейт. Бул секторлор айыл чарбасын (25,1%), соода жана оңдоо боюнча кызматтарды (10,8%) жана үй жумуштарын (20,2%), билим берүүнү кошпогондо (17,2%), камтыйт. Көбүнчөсү, айыл жергесиндеги аялдар үй ичиндеги жумуштар менен алек, шаардагы аялдарга караганда, - 20,2% жана 1,2%, тиешелүүлүгүнө жараша

## 2.5. Билим берүүдөгү туура келбестик

Билим берүү, көбүнчөсү, адам жашоосунун негизи болуп саналат[13] жана анын келечектеги эмгек ишмердигин аныктайт: адам канчалык билимдүү болсо, ошончолук расмий иш табуу мүмкүнчүлүгү жогору. Чектелген билими бар адамдар үй-бүлөдө калышы, же чет өлкөгө жумуш издеп кетип калышы ыктымал. Жумушсуздуктун денгээли билим денгээли менен түздөн-түз байланышы жок, билим деңгээли жогору болгон адамдар билим деңгээли төмөн адамдарга салыштырганда жумушту активдүүрөк издейт тенденция менен түшүндүрсө болот.

13 GIZ 2013 г.

**5-Сүрөт. Мектепти аяктагандан кийин биринчи жана он экинчи айдын ичинде бүтүрүүчүлөрдүн абалы, билим берүү деңгээли боюнча**




Булагы: ETF (2013 ж.).

Эмгек рыногуна кирип жатканда билим жаш адам үчүн абдан маанилүү болуп саналат. Жогорку же орто кесиптик билими жок жаш кызматкерлер, адатта, көмүскө эмгек рыногуна барып кошулат. Ошол эле учурда, билимине маанилүү салымдарды кошкон жаш адамдар, расмий келишим менен расмий мекемелерде, жана коопсуз эмгек шарттары бар мекемелерде, көп учурда, мамлекеттик сектордо иштешет. Бирок, акыркы категориядагы кызматкерлердин орточо эмгек акысы көмүскө сектордо иштеп жаткандарга караганда төмөн. Бул, мамлекеттик секторго караганда жеке сектордун эмгек акысы адатта жогору, жогорку билими бар адамдар көбүнчөсү мамлекеттик тармакта иштейт.

Ошол эле учурда, жаш адамдар, мамлекеттик бийлик органдары, мамлекеттик жана эл аралык уюмдар сыяктуу иерархиясы расмий түрдө уюштурулган мекемелерде, иштегенди артык көрөт. Ошентсе да, алардын көбү мындай уюмдарда иштөөнүн атайын иштөө мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө кабардар эмес. GIZ (2015, 53) тарабынан жарыяланган отчетуна ылайык «Маалымат булагы сейрек кездешет, ал эми жаш адамдардын көпчүлүгү маалыматты кайдан издеш керектиги жөнүндө бүдөмүк оюу бар. Дагы эле, өзгөчө айыл жеринен келген жаш адамдар, (шаарга көчүп келгенде) тиешелүү булагытарды издөөдө өтө ыңгайсыз абалда болот. Анткени тил тоскоолдуктарды жана интернет байланыш «өнөкөттөрүнөн», алар көп учурда «туура» коомдук тармактар жана интернет аянтчаларын өткөрүп жиберет, ошондуктан маалыматтын негизги булагы катары «жеке байланышты» көрсөтүшөт.

**7-Таблица. Биринчи жумушта билим деңгээлинин туура келбегендиги,%**

| | | Жумуш берүүчү талап кылган билимдин минималдуу деңгээли | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Башталгыч билимсиз | Жалпы башталгыч | Жалпы орто | Башталгыч кесиптик билим | жогорку кесиптик | жогорку | Баары |
| Эмгек рыногунун катышуучулары башталгыч билим деңгээл | Башталгыч билимсиз | 39 | 44 | 17 | 0 | 0 | 0 | 100 |
| | Жалпы башталгыч | 9 | 57 | 24 | 4 | 6 | 1 | 100 |
| | Жалпы орто | 6 | 12 | 67 | 6 | 4 | 4 | 100 |
| | Башталгыч кесиптик билим | 0 | 6 | 28 | 57 | 8 | 2 | 100 |
| | жогорку кесиптик | 3 | 7 | 18 | 6 | 54 | 12 | 100 |
| | Жогорку | 1 | 1 | 13 | 4 | 10 | 71 | 100 |
| | Баары | 5 | 14 | 39 | 7 | 11 | 24 | 100 |

Булагы: ETF (2013 ж.).

7-таблицасы, Кыргызстанда жалпысынан билимдин туура келбестиги даражасын чагылдырган маалыматтарды берет[14]. Жогорку билими бар кызматкерлердин 71%, жогорку квалификацияны талап кылган жумуштарга орношкон. Башка эмгек рыногунун катышуучулары жогорку билимди талап кылбаган жумуш ордундарында иштөөгө мажбур болот. Карымшаков жана Сулайманова (2018-ж.) жогорку билимдүү адамдар жумушту күтүлгөндөн көп убакыт издешет, жана алардын эмгек акысы иш берүүчүлөр аларды өтө билимдүү деп эсептеген болсо, төмөн болушу мүмкүн экенин аныктаган.

# 3. Эмгек рыногун изилдөө

## 3.1. Изилдөөнүн усулу жана уюштуруу иштери

Изилдөөнүн экинчи этабында ар тараптуу маалымат чогултуу үчүн эксперттер менен сурамжылоо төмөнкү негизги маселелер боюнча өткөрүлдү:

- Кийинки он жылда жаштар үчүн эмгек рыногунда жумуш орундарын түзүп берүүчү негизги өндүрүштөрдү/кызмат көрсөтүүлөрдү аныктоо;
- жаштарга зарыл болгон көндүмдөрдү окутууларды жана колдоолорду аныктоо;
- эмгек рыногундагы жаш эркектер менен аялдардын ортосундагы гендерлик тең салмакты аныктоо.

2018-ж. июнь-ноябрь айларында эмгек рыногундагы эксперттер менен сурамжылоо жүргүзүлдү. Изилдөө учурунда сурамжылоого кесиптик-техникалык билим берүүнү камсыз кылган мамлекеттик мекемелер менен уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле чакан

14 Туура келбегендик деген иш берүүчүгө керек болгон билим дэңгээли жана кызматкерлердин чыныгы билим денгээли ортосундагы айырма.

жана орто ишкердиктин (ЧОИ) менчик ээлери, жетекчилери, кызматкерлери катышты. Сурамжылоо Кыргызстандагы долбоорго катышкан төрт аймактарда жүргүзүлдү: Бишкек шаарынын Свердлов району; Ош шаары; Араван району; Кочкор району. Жалпысынан алтымыш бир респондент сурамжылоого катышты (8 Таблица, 6-Сүрөт).


**8-Таблица. Эмгек рыногун баалоо үчүн тандоо**

| Респонденттер | Ош ш. | Араван району | Кочкор району | Свердлов району, Бишкек ш. | Баары |
|---|---|---|---|---|---|
| Кесиптик-техникалык билим берүүнү камсыз кылуу, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жана уюмдар | 4 | 7 | 5 | 10 | 26 |
| Чакан жана орто ишканалардын ээлери / менеджерлер | 9 | 5 | 7 | 8 | 29 |
| Чакан жана орто ишканалардын кызматкерлери | 1 | 1 | 1 | 3 | 6 |
| Баары | 14 | 13 | 13 | 21 | 61 |

Булагы: Талаа изилдөөлөрүнүн маалыматтары.

Долбоор: «Демилгелүү жаштар»  Талаа иштерин өткөрүү даталары: июнь- ноябрь, 2018 г.

**6-Сүрөт. Эмгек рыногун баалоо үчүн респонденттердин жайгашкан жерлеринин картасы**



**Анкеталар:** Респонденттерге ылайык үч түрдүү анкета иштелип чыкты:

Кесиптик-техникалык билим берүүнү камсыз кылган мамлекеттик мекемелер жана уюмдар үчүн анкета;

- Бизнес үчүн анкета;

- Кызматкерлер үчүн анкета.

Мамлекеттик органдардын жана кесиптик орто билим берүү мекемелери үчүн анкетада жаштарды иш менен камсыз кылуу боюнча суроолорду, жаштарга колдоо көрсөтүү боюнча азыркы саясат жана кызматтар/продуктылар, бүгүн жана келечекте жаштар үчүн жумушчу орундарын түзүү боюнча суроолор бар.

Бизнес үчүн анкета төмөнкүдөй чакан жана орто ишканалардын жол-жоболору жөнүндө суроолорду камтыйт: жаңы кызматкерлерди издөө; ишке кабыл алуу; кадрларды даярдоо; кызматкерлер үчүн эмгек акы жана иштен кетип жаткан адамдар жөнүндө. Бизнес ээлеринен, жумушчулардын жыныстык жана жаш курагынын түзүлүшү, ошондой эле, кызматкерлеринин билим денгээлин сүрөттөйт.


Кызматкерлер үчүн анкета эмгек шарттары жөнүндө, жумуш издөө ыкмаларын жана эмгек акысындагы айырмалары жөнүндө суроолорду камтыйт. Ошондой эле, жумушчулардын тренингде катышуусу тууралуу да суроолор бар, жаштар үчүн азыркы учурда жана келечекте кызматтар/ өндүрүштөр жана жумушчу орундарын түзүү жөнүндө кызматкерлердин пикири.

Анкеталар кыргыз жана орус тилдеринде даярдалган. Биринчиден Бишкекте ишкерлер жана алардын кызматкерлери үчүн анкета апрообациядан өткөрүлгөн. Бишкектин Арча-Бешик районунда беш ЧОИ (үч кыргыз жана эки орус тилинде) менен сурамжылоо өткөрүлдү. Максаты, анкеталардын тууралыгын жана респонденттердин арасында маселелерди түшүнүү деңгээлин сыноо. Анкетадагы суроолордун саны чектелген (10-15) терең интервью ыкмасы пайдаланды жана ар бир маек берүү үчүн белгилүү бир убакыт берилди (40-45 мүнөт).

**Талаа иштери:** талаа иштери 2018-жылдын июль айында Бишкекте, ал эми Кочкор жана Араван райондорунда, Ош шаарында 2018-жылдын октябрь-ноябрь айларында жүргүзүлдү өттү (6- Сүрөт). Чакан жана орто ишканалардын жалпы жеткиликтүү маалымат базасы жок. Ошондуктан, тиешелүү максаттуу респонденттерди табуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу үчүн изилдөөдө «кар тоголоґу» ыкмасы колдонулган. Шаардык аймактарда респонденттерди табуу жөнөкөй визуалдыкыкма колдонулган. Бизнесттерди көчөдөн байкоого мүмкүн болбогон учурларда (мисалы, кийимдерди тигүү цехтери), респонденттерден маалыматтарды алууга мүмкүн болду. (7-Сүрөт).

Мамлекеттик кызматкерлердин көпчүлүгү Бишкекте сурамжыланды. Жаштарды өнүктүрүү жана иш менен камсыз кылуу үчүн негизги министрликтердин жайгашкан жеринде, ошондой эле жаштардын өнүгүүсү жана иш менен камсыз кылууга жооп берген бейөкмот жана коомдук уюмдар менен сурамжылоо Бишкек шаарында өткөрүлдү. Башка региондордо, жаштарды колдоо боюнча райондук бийлик өкүлдөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана эксперттер изилдөөнүн сурамжылоосуна катышты. Сурамжылоого катышкан уюмдардын жана жеке адамдардын тизмеси 2-Тиркемеде келтирилген.

**7-Сүрөт. Бишкекте жеке ишканаларды тандоо картасы**




Булагы: Google Maps.

## 3.2. Эмгек рыногуна баа берүүнүн натыйжалары

Талаа изилдөө учурунда респонденттер иш менен камсыз кылуу, тажрыйбасы жана келечеги жана иш орундары маселелери боюнча ар кандай жооп берди. Ишкердиктин өкүлдөрү жана кызматкерлери шилтеме жасаган эмгек рыногунда төмөнкүдөй чектөөлөр жана көйгөйлөр боюнча кээ бир деңгээлдеги жалпылоону табууга болот.

**Жалпы тенденциялар**

- Жаштардын кыйла саны юридикалык жана/же экономикалык билими бар университеттерди бүтүргөн. Анткен менен, өлкөдө мындай бүтүрүүчүлөр үчүн жетиштүү жумуш орундары жок.

-Эмгек рыногунда мисалы үчүн, тигүү, тамак бышыруу, ширетүүчүлөр жана электриктер, ошондой эле кесиптик-техникалык колледждердин прикладдык көндүмдөрү бар көп сандаган адистерге суроо-талап бар. Респонденттер учурдагы жана келечектеги иш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрү кесиптик-техникалык көндүмдөр (кызматкерлери) менен тыгыз байланыштуу экендигин билдирди.

- келечектеги иш маалымат технологиясына (ИТ) абдан байланыштуу деген жалпы ой-пикир бар. Бирок, ИТ жаатында жөндөмдүүлүктөр / билим берүүлөр жаатында алдыга жылыштар боюнча эч кандай далил жок. Мындан тышкары, респонденттердин кээ бирлери эле маалыматтык технологиялар учурда иш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрү жана же көндүмдөрү менен байланыштуу болушу мүмкүн экенин, жана кандай көндүмдөрү өнүктүрүш керек экендигин түшүнүшөт.

- Респонденттердин кээ бирлери кичи ишканаларда жогорку билим жана колледж деңгээлиндеги билимге ээ болгон кызматкерлер бирдей маяна аларын айтышкан. Бирок

чоң «Бишкексүт» сыяктуу компаниялар (өлкөдөгү сүт иштеткен ири ишканалардын бири) ар бир кызмат орду боюнча кызматка алып жатканда конкреттүү талаптарды жана талапкерлердиине билимин жана тажрыйбасын кылдат карай турганын билдиришкен. Эгерде компанияларга жумушчулар керек болсо, анда талап жөнөкөй: милдеттерди аткаруу үчүн физикалык жактан туура келиши керек. Алсак, жумушчунун билим деңгээли ар дайым эле керек болуп саналбайт. Эгерде компанияга конкреттүү кимдир бирөө керек болсо, мисалы, сүт боюнча адис, ветеринар же бухгалтер, анда ал тийиштүү билимге жана тажрыйбага ээ болуусу зарыл. Дагы бир мисал, Кочкор районундагы мал союучу ишкана жогорку билими жок жумушчуларды деле жалдашат, демек мындай учурда жогорку билими бар адамдар үчүн да билимсиз адамдардын да эмгек акысы бирдей болот. Мындай иш үчүн бир гана талап физикалык жана психикалык ден соолугу болуш керек эле (бычак жана жаныбарлардын каны менен иштөө үчүн зарыл болгон). Албетте, компания ветеринарды жалдоо үчүн бир топ талаптарын эске алуу менен, жогорку окуу жайын күндүзгү бөлүмүндө окугандыгын жана жакшы баа алып окуганын, бир нече жыл ветеринар болуп иштеген тажрыйбасы бар ветеринарды алышат.

- айыл, ошондой эле, шаар жерлеринде чакан жана орто ишканалардын дээрлик бардыгы жалданма жумушчулар менен расмий келишими жок, келишимдер жумушчулар үчүн коркунуч жараткан оозеки келишимдин негизинде жүргүзүлөт.
- бардык төрт аймакта камтылган микро, чакан жана орто ишканалар негизинен үй-бүлөлүк дүкөндөр, ресторандар, дарыканалар, машина жуугуч жана курулуш аянтчалары.

**Шаардагы эмгек рыногу**

Изилдөөгө катышкан шаардык аймактар (Бишкек шаарынын Свердлов району жана Ош шаары) бир катар райондордогу айыл жергелерине караганда жумушка орношууда көбүрөөк мүмкүнчүлүк бере тургандыгы аныкталган. Айрыкча, курулуш жана кийим-кече өндүрүшү деп аталган эки сектордо салыштырмалуу жогору айлык акылар менен көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр бар. Айыл жергесинен шаарды көздөй миграциянын деңгээли да абдан жогору. ЧОИ тармагында ишмердүүлүк жүргүзгөн ишкерлердин көпчүлүк бөлүгү айыл жерлеринен келген мигранттарга жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн түзүп беришет жана жогорку кесиптик деңгээлди талап кылбаган жумуштарга азыраак акы төлөп, аларды расмий эмес негизде жумушка алышат. Ишканаалар жумушчуларды расмий түрдө жумушка алгысы келбегенин себептери өтө эле көп. Алардын ичинде ишкананын өзү расмий каттоодон өтпөгөндүгү; ишкананын кызматкерлеринин айлык маяналарынан салыктар менен социалдык төлөмдөрдү төлөөдөн качуусу; бюджет/салык маселелерин жетиштүү деңгээлде билбегендиги сыяктуу себептер бар. Шаардык кызматкерлердин ичинде жогорку деңгээлдеги атаандаштык байкалат. Алар жакшы жумушка орношуу үчүн тийиштүү билимге, тажрыйбага жана көндүмгө ээ болуу талап кылына тургандыгын да билишет. Айылдык жана шаардык талапкерлердин ортосундагы олуттуу айырмачылык шаардык кызматкерлердин айлык акысынын жогору болушуна жана иштөө шарттарынын кыйла жакшыртылышына алып келет. Айылдан шаарга келген мигранттар шаардын жашоочулары менен атаандаштыкка чыгуу максатында бир нече жыл бою каражаттарын билимин жогорулатууга жумшашат.

Шаарларда жумуштуулуктун деңгээли кыйла жогору. Бирок, көп учурда мезгилдик мүнөзгө ээ. Курулуш тармагынан тышкары, жумуштуулуктун маанилүү бөлүгү тигүү өнөр жайы менен коомдук тамактануу секторлору аркылуу камсыздалат. Шаарлардагы чакан жана орто ишкердик керектөөчү рыногунун мерчеминен абдан эле көз каранды. Ошондуктан, жумушчулар менен ишканалардын кирешелери туруктуу эмес. Мисалы, курулуш тармагында жумуш аба-ырайынын шарттары ыңгайлуу болгон жаз мезгилинен күз мезгилине чейин жүрөт. Демек, курулуш бизнеси жумушчуларды дал ушул мезгилге гана алат. Ал эми кээ бир чакан курулуш ишканалары кыш мезгилинде жабылышат. Бул мезгилде жумушчулар айылдардан кетүүгө, же болбосо башка жумуш табууга аргасыз болушат. Кочкор районунда курулуш блокторун өндүрүүчү заводдун ээси ишмердүүлүгүнүн жаздан баштап кеч күзгө чейин жүрө тургандыгын жана үч жумушчу жалдаганын билдирген. Бирок, түшүм жыйнала баштаганда, фермерлер көбүрөөк акы төлөп бергендиктен, жумушчулар талаада иштөөнү артык көрүшөөрүн айтат. Бул болсо, жумушчулардын курулуш блокторунун өндүрүшүндөгү жумуш орундарын таштап, айыл чарба иштерине ооп кетүү тенденциясына ээ экендигин түшүндүрөт. Ушул себептен улам, күз мезгилинде кээ бир курулуш иштери үчүн жумушчуларды табуу кыйын болот. Мезгилдик жумуш бир гана Кыргызстандагы эмес, Казакстан менен Россиядагы кардарлардан да көз каранды болгон тигүү өнөр жайында да табылат. Сурамжылоого тартылган тигүү фабрикаларынын башкаруучулары кардарлардын саны азайгандыктан, декабрь айынан февраль айына чейин жабылгандарын айтып беришти. Кейтеринг кызматтары / коомдук тамактануу (кафе жана ресторандар) көбүнчө күзүндө жана кыштын баштарында жыкжыйма болуп, жаңы жылдан кийин дароо жумушчулардын санын кыскартышат.

Долбоорго катышып жаткан Бишкек шаарынын Свердлов району, ошондой эле Ош шаары Кыргызстандын маанилүү экономикалык шаардык аймактары болуп эсептелет. Аталган аймактарда жумушка орношуу мүмкүнчүлүгү башка жерлерге салыштырмалуу кыйла жогору. Айылдардан Бишкек жана Ош шаарларын көздөй миграциянын агымы дагы абдан жогору. Аталган шаарларда өлкөнүн башкы университеттери менен колледждери жайгашкан. Ошондуктан, бул шаарларга жаштар билим алуу жана/же жумушка орношуу максатында Кыргызстандын төрт бурчунан келишет. Бишкек шаарынын Свердлов районунда ири базарлар, соода борборлору, кафелер жана кызмат тармагындагы башка ишканалар орун алган. Дүкөндөр, кафелер, унаа жуучу жайлар, унаа оңдоочу жайлар жана дарыканалар үй-бүлөлөргө тийиштүү болгондуктан, алардын көбү ири өлчөмдө болуп, көп сандагы кызматкерлерди жумушка ала алышат.

Изилдөөнүн алкагында Свердлов районунда «Дордой» базарына жөнөтүү же болбосо Россияга экспорттоо үчүн товарларды өндүргөн тигүү ишканаларынын көп экендиги аныкталган (Таблица 9). Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасында 2019-2022-ж.ж. экспортту өнүктүрүү программасына ылайык, өлкөдө 200,000-300,000 кишини жумуш менен камсыз кылган 3000 тигүү фабрикасы (цехи) бар. Бул тигүү фабрикалары чакан, орто жана ири ишканалардын катарында жана алар кардарлардан заказдарды алышат. Өндүргөн товарларды жергиликтүү базарларга чыгарышат же болбосо Россия менен Казакстанга экспорттошот[15]. Бирок, Улуттук статистика комитетинин тигүү өнөр жайына тиешелүү берген маалыматтары айырмаланып турат. Комитеттин аныктоосу боюнча, Кыргызстанда тигүү цехтери кошулуп, көп сандагы чакан жана орто иш-

15 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасында 2019-2022-ж.ж. экспортту өнүктүрүү программасы.

каналар бар жана булар расмий ишкана катары катталган эмес. Ошондуктан, булардын экономикалык ишмердүүлүгү расмий статистикага киргизилген эмес.

**9-Таблица. Кыргызстандагы тектиль өндүрүшү[16] – Текстиль өндүрүшү, кийим-кече жана бут кийим өндүрүшү, булгаары жана башка булгаары буюмдар**

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | 130 | 129 | 114 | 117 | 105 |
| Сузак району | 3 | 3 | 2 | 2 | 3 |
| Базар-Коргон району | 8 | 9 | 6 | 7 | 8 |
| Кочкор району | - | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Нарын шаары | 3 | 2 | 1 | 1 | 2 |
| Араван району | 5 | 6 | 6 | 6 | 4 |
| **Бишкек шаары** | 42 | 45 | 41 | 41 | 34 |
| Свердлов району | 15 | 15 | 11 | 12 | 11 |
| **Ош шаары** | 8 | 6 | 6 | 5 | 5 |

Булагы: Улуттук статистика комитети.

Коомдук тамактануу сектору Бишкек шаарынын Свердлов районунда да, Ош шаарында да чоңдугу жагынан экинчи орунда турган жумуш булагы болуп саналат. Жумушка орношуу мүмкүндүгүн берген бизнестин кеңири жайылган түрү – бул унааларды ондоо жана тейлөө (унаа жуучу) жайлар.

Акырындап өсүп келе жаткан дагы бир сектор катары, сулуулук салондору эсептелет. Респонденттердин айтуусуна караганда, аз эле убакыт мурун (3-5 жыл мурда), аталган чөйрөдө иштөө үчүн чач тарач кызматтары жетиштүү эле. Азыр болсо, сулуулук салондоруна чач тарачтар, макияж, тырмакты жана кирпикти жасалгалоо сыяктуу көндүмдөр талап кылынат.

Жогоруда аталган төрт сектор жогорку билимге ээ эмес жана/же жогорку билими жөнүндө диплому жок жаштардын жумуштуулугун камсыздаган негизги тармактар болуп саналат. Жаш жарандар бул секторлордо иштөө үчүн кыска убакыттын ичинде тажрыйбага ээ боло алышат. Маектешүү учурунда жогорку билимге ээ көптөгөн кишилердин аталган төрт сектордун биринде иштөөгө аргасыз экендиги, же болбосо шаардык экономикада жумушка орношуунун реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалануу максатында тажрыйба алууга умтулуп жаткандыгы белгилүү болду. Бул багытта Бишкек жана Ош шаарларынын ортосунда конкреттүү айырмачылыктар деле жок.

### Айылдагы эмгек рыногу

Кочкор районунда мал чарбасы жана өсүмдүк өстүрүү менен алектенген үй бүлөлүк айыл чарба ишканалары көп. Ал эми Араван районунда көбүнчө фермердик чарбачылыкка – өсүмдүк өстүрүүчүлүккө багытталган. Кочкор районунда айыл чарба ишмердүүлүгүнө көбүрөөк көңүл бурулат. Курулуш блокторун өндүргөн респонденттердин бири жумушчулардын курулуш тармагына караганда айыл чарба өндүрүшүндө иштөөгө көбүрөөк артыкчылык бергенин айтат. Себеби, айыл чарбасында төлөнгөн акы жогорураак, ал эми ку-

16 http://stat.kg/media/publicationarchive/9c59757b-300f-481e-aac5-2a1273cbdc28.pdf

рулушта физикалык жактан көбүрөөк күч талап кылынат жана ден соолук үчүн кооптуу. Кочкор районунда бардык предметтер боюнча мугалимдердин саны жетиштүү. Мугалимдик кызматка кезекке турган бир нече жаш адис дагы бар (орточо күтүү мөөнөтү-1-2 жыл).

Сурамжылоого катышкандардын айтуусу боюнча, Араван районунда жашаган этникалык өзбектердин саны арбын. Өлкө боюнча өзбек тилинде эч кайсы жерде кесиптик билим берилбейт. Ал эми өзбек ата-энелер айла жок балдарын билим алуу үчүн Бишкек же Ош шаарларына жиберишет. Кесипкөй тигүүчүлөргө муктаждык болгон учурда деле, тигүү ишин атайылап окууну каалагандардын саны өтө эле аз. Бирок, дарыгерлер менен мугалимдерге болгон суроо-талап жогору. Көптөгөн өзбектер кыздары медициналык окуу жайда окуп же балдарды багып, же болбосо мугалим болуп иштеп, Араван районунда эле жашап калышын каалашат. Көбүнчө өзбек жаштары Араванда калып окууну жактырышпайт. Мунун себептеринин бири - жогоруда айтылып кеткендей эле, өзбек тилинде жогорку же кесиптик билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу. Дагы бир фактор катары, этникалык өзбектердин Россияга миграцияга кетирүү үчүн даяр экендиги эсептелет.

Айыл жергесинде, өзгөчө Араван жана Кочкор райондорунда экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү негизинен айыл чарба, мал чарбасы, чакан үй-бүлөлүк дүкөндөрдө, кафелерде жана кыш/таманташ өндүрүшүндө табууга болот. Жайгашуусу, климаттык жана топурак шарттары боюнча Араван району көбүнчө дыйкан чарбасына (жашылча-жемиштерди өстүрүү), ал эми Кочкор району болсо мал чарбасы менен буудай, чөп, картофель өстүрүүгө багытталган. Ири шаарлардан айырмаланып, айыл аймактарында жумушка орношууда тигүү фабрикалары сыяктуу мүмкүнчүлүктөр жокко эсе. Араван районунда бир нече үй-бүлөлүк чакан дүкөндөр менен кафелер бар жана ал жерлерде үй-бүлө мүчөлөрү өздөрү эле иштешет.

Жергиликтүү рынокто иштеген ишканалардын саны өтө эле аз. Мисалы, Кочкордо бодо мал союучу бир ишкана («Тойбосс» компаниясы), бир таш иштетүүчү ишкана, бир сүттү кайра иштетүүчү завод жана жакында эле ачылган картофелди кайра иштетүүчү завод бар. Ал эми Араван районунда эки цемент фабрикасы, эки канаттуулар фабрикасы, пластик эшиктерди жасап чыгаруучу бир ишкана жана терезе чыгаруучу бир ишкана бар.

**Эмгек рыногун жандандыруу боюнча ишмердүүлүк**

Мамлекеттик уюмдар жаштардын жумуш менен камсыз болуусуна мүмкүнчүлүк берүү максатында ай сайын бир катар иш-чараларды өткөрүп турушарын билдирди. Мисалы, Эмгекти каттоо кызматы (Эмгек биржасы) менен Бишкек шаардык жумушка орношууга көмөктөшүү башкармалыгы лицейлерде, колледждерде, ошондой эле жумушсуздар үчүн бош жумуш орундарынын жарманкесин өткөрүп турат. Аталган департаменттерде бош жумуш орундарынын тизмеси бар жана каалоочулардын бардыгы алар менен таанышып чыгып, өтүнмө бере алат. Мындай иш-чараны регулярдуу өткөрүлүп туруу сунуш кылынууда.


Бишкек шаардык жумушка орношууга көмөктөшүү башкармалыгы Бишкек шаарында жумушсуз жарандар үчүн ар кандай багыттагы кыска мөөнөттүк окутууларды уюштуруп келет. Тендердин негизинде курстарды өткөрө турган мекемелерди тандап алат. Изилдөө иштеринин алкагында эки окуу борбору каралып чыкты. Алардын бири «Универсалдуу» деп аталып, ал жерде жумушсуздар тигүү техникасын, бухгалтерияны, чет тилдерин үйрөнүп, башка көндүмдөргө ээ боло алышат. Мындай көндүмдөрдүн ичинен

тигүү ишмердүүлүгү абдан популярдуу болуп эсепетелет. Экинчиси – «Компания АНБ» деп аталган борбор чач тарач, тырмак жасалгалоо жана макияж боюнча окутат. Жумушсуз жарандар жаңы тажрыйбаларга ээ болуп, жумушка орношууну кааласа, Департамент тарабынан сунушталган курстандын бирине катталууга тийиш. Дагы бир талап катары, алардын Бишкек шаарынын туруктуу жашоочусу катары катталуусу эсептелет. Окууну аяктагандан кийин, курстун катышуучусуна сертификат берилет жана ал тийиштүү тармакта (тармактарда) жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн издей баштайт.

Долбоордук жети аймакта бир нече окуу жайы орун алган. Булардын картасы төмөндө берилген.

## 8-Сүрөт. Долбоордук аймактардагы билим берүү мекемелеринин картасы.

**«Демилгелүү жаштар» долбоору**




***Жалал-Абад областы, Базар-Коргон району***
**Жалпы окуу жайларынын саны: 5**
Кошумча курстар: 2 (8 адистик сунушталат)
Кесиптик лицейлер: 2 (11 адистик сунушталат)
Автомектептер: 1

***Бишкек шаарынын Свердлов району***
**Жалпы окуу жайларынын саны: 62**
Колледждер / университеттер: 17 (80 адистик сунушталат)
Кошумча курстар: 38 (175 адистик сунушталат)
Кесиптик лицейлер: 1 (6 адистик сунушталат)
Автомектептер: 6

***Жалал-Абад областы, Сузак району***
**Жалпы окуу жайларынын саны: 8**
Кошумча курстар: 1 (1 адистик сунушталат)
Кесиптик лицейлер: 2 (14 адистик сунушталат)
Автомектептер: 5

***Нарын областы, Кочкор району***
**Жалпы окуу жайларынын саны: 3**
Кошумча курстар: 1 (4 адистик сунушталат)
Кесиптик лицейлер: 1 (5 адистик сунушталат)
Автомектептер: 1

***Ош шаары***
**Жалпы окуу жайларынын саны: 75**
Колледждер / университеттер: 21 (198 адистик сунушталат)
Кошумча курстар: 39 (187 адистик сунушталат)
Кесиптик лицейлер: 3 (25 адистик сунушталат)
Автомектептер: 12

***Ош областы, Араван району***
**Жалпы окуу жайларынын саны: 11**
Колледждер: 1 (9 адистик сунушталат)
Кошумча курстар: 2 (13 адистик сунушталат)
Кесиптик лицейлер: 2 (7 адистик сунушталат 0)
Автомектептер: 6

***Нарын областы Нарын шаары***
**Жалпы окуу жайларынын саны: 3**
Колледждер / университеттер: 4 (25 адистик сунушталат)
Кошумча курстар: 3 (26 адистик сунушталат)
Кесиптик лицейлер: 1 (12 адистик сунушталат)
Автомектептер: 4

**Тажрыйбадагы кемчиликтер**

Тажрыйбаларды жумуш берүүчүлөрдүн талаптары менен шайкеш келтирүү - өтө эле татаал маселе. Себеби, эмгек рыногу абдан чоң, ал эми жаштардын көндүм, билим жана тажрыйба деңгээлдери ар түрдүү. Эмгек рыногу шаар жерлеринде өзгөрмөлүү болуп, жаштардын кайсы сектордон жумуш издегендигине байланыштуу. Респонденттердин маалыматы боюнча, жетишсиз деңгээлдеги көндүмдөрдү: интеллектуалдык-аналитикалык иштерди аткаруу жөндөмдүүлүгү жана техникалык/физикалык иштерди аткаруу жөндөмдүүлүгү деп эки негизги типке ажыратууга болот.

**Шаардык аймактарда** негизинен жаш кызматкерлерге жогорудагы көндүмдөрдүн эки түрү тең жетишпейт. Интеллектуалдык жумуштарды аткаруу үчүн төмөнкүдөй маанилүү инвестициялар менен убакытты талап кылган көндүмдөр жетишсиз:

- Тил (кыргыз, орус жана англис) – мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүк бөлүгү бул үч тилдин биринде дагы иштиктүү катты туура жаза албайт;
- Компьютерде иштөө көндүмдөрү – тез жазуу жана Word менен Excel негизги операцияларын билүү – абдан пайдалуу көндүмдөр. Ал эми буларды университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн көбү жакшылап өздөштүргөн эмес;
- Лидерлик жана баарлашуу көндүмдөрү – булар талапкер өзгөрүп турган чөйрөдө иштей билүүсү, ар түрдүү кишилер менен мамиле куруусу, бизнес-максаттарга: сатуулар, ишкердик бөлүктөрүн базалык башкаруу, чыр-чатактарды жөнгө салуу ж.б. жетүүсү үчүн зарыл.

Жаштардын кесиптик иштөөсү үчүн кесиптик лицейлер менен колледждерден ээ болгон практикалык тажрыйбалар жетишпейт. Чындыгында эле, шаардын эмгек рыногу кесиптик колледждердин деңгээлинде өздөштүрүлгөн төмөнкү техникалык көндүмдөргө ээ жумушчуларга муктаж:

- Ширетүү боюнча адистер;
- Автомобиль оңдоо боюнча адистер;
- Электриктер;
- Кийим-кече тигүү боюнча адистер.
- Техникалык университеттин/колледждин деңгээлинде төмөнкү тармактар боюнча адистер жетишпейт:
- инженерлер (инженер-механиктер, инженер-куруучулар жана техникалык инфратүзүмдүн инженерлери);
- технологдор (тамак-аш өнөр жайынын технологдору, текстиль өнөр жайынын адистери);
- бухгалтерлер.

Жогоруда аталган кесиптик жумуш орундарга суроо-талап башкаларга салыштырмалуу кыйла жогору. Шаардагы сүттү кайра иштеп чыгуучу ишканалардын биринде эмгектенген респондент учурда электриктердин пенсия курагында болгондугуна карабастан, бардыгы иштеп жаткандыгын, себеби, алардын ордуна келе турган тийиштүү квалификацияга ээ жаштардын жок экендигин айтып берди. Мындан тышкары, сүт өндүрүүчү ишкананын өкүлү биологдор менен технологдордун жетишпей жаткандыгын да билдирди. Жогорку

билими бар болсо да, окуу жайын жаңы бүтүргөндөр жумушка алуу талаптарына жооп бере тургандай жетиштүү деңгээлдеги билим менен тажрыйбага ээ эмес.

Изилдөөнүн жүрүшүндө маанилүү жагдайлардын бири болуп, **окуу программасы менен эмгек рыногунун талаптарынын ортосундагы ажырым** аныкталып чыкты. Окуу жайлары көбүнчө бекитилген окуу планы боюнча сабак беришет. Ал эми андагы билимдердин көбү жумуш берүүчү ишкананын талаптарына туура келбей калат. Ишкердик чөйрөсүндө ишмердүүлүк жүргүзгөн респонденттердин айтуусуна караганда, компаниялардын көбү жаңы кызматкерлерин өздөрүнүн стандарттарына ылайык кайрадан окутуп чыгууга аргасыз. Себеби, көп учурда жаштар жумуш ээлеринин талаптарына жооп бербейт жана ал керектүү тажрыйбалар менен билимдерди өздөштүрүүсүн камсыздоо үчүн белгилүү бир деңгээлде окутуу зарыл. Компаниялар окуу жайларынын окутуу пландарын жакшыртууга көмөкчү боло алышат.

Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү үчүн дагы бир көйгөй болуп, ***практикалык тажрыйбанын жоктугу*** эсептелет. Билим берүү мекемелери көп учурда бүтүрүүчүлөрүнүн теориялык билимдерин практикада колдонуусун, жумуш иштөөгө даярдык көрүүсүн камсыздоо максатында стаж өтө турган ишканалар менен мекемелерди издешет. Практиканттардын кээ бирлери барган ишканаларында иштеп да калышат, бирок бул жагы толук изилдене элек. Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын өкүлүнүн айтуусу боюнча, кээ бир университеттер компанияларды өздөрүнө чакырып, жумушка орношуу үчүн кандай адистер жана кандай көндүмдөр талап кылына тургандыгы жөнүндө сунуу иш-чараларын өткөрүүсүн өтүнүшөт.

**Айыл жергесинде** эмгек рыногу чектелген. Жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүнүн негизги эки түрү бар: квалификацияланган / адистештирилген жумуш; квалификацияны талап кылбаган эмгек. Айыл аймактары негизинен фермердик чарба менен мал чарбасына багытталгандыктан, айыл чарба тармагындагы адистер жана кесипкөй жумушчулар көп талап кылынат. Изилдөөнүн жүрүшүндө айылдык респонденттер айылдарда көбүнчө ***ветеринарларга карата суроо-талаптын жогору экендигин*** белгилешкен. Кээ бир айылдарда ветеринар жок болгондуктан, башка жерлерден чакырышат. Ушундай эле абал агрономдор жана/же механизаторлорго да тийиштүү. Айыл чарбасына инвестициялардын аз жумшалышы жана билим менен тажрыйбаны жайылтуу боюнча мамлекеттик системанын жоктугу жогоруда айтылган **жардамчы кызматтардын жетишсиздигине** алып келди. Фермерлер адистердин жетишсиздиги тууралуу айткан учурларда мындай кызматтар үчүн колунан келген фермерлер гана акы төлөөгө жөндөмдүү экендиги моюнга алынган.

Айыл чарбасындагы жумуш орундарын эки топко бөлүүгө болот: фермерлердин үй бүлө мүчөлөрү тарабынан аткарылган жумуштар жана убактылуу жалданма жумушчулар аткарган жумуштар. Техникалык (товардык) өсүмдүктөрдү өстүрүүдө технологиялык процессте квалификация эмес, физикалык күч колдонууга багытталган төмөнкүдөй жумуштар талап кылынат:

- механизацияланган тазалоодон кийин талааны кол менен отоо чөптөрдөн арылтуу;
- түшүм жыйноо (картофель, пияз, капуста, пахта ж.б.).

Мезгилдүү жумушчу орундар абдан кеңири жайылган кубулуш болуп эсептелет. Сезондун чок ортосунда иштеп акча табуу мүмкүнчүлүгү негизинен бардык эле айыл тургундарына берилет. Бул мезгилде окуучулардын көбү талааларга чыгып иштешет. Фермерлер

тийиштүү жумушту туура аткаруунун жолдорун үйрөтүп, көзөмөлдөп турушат. Жалданма жумушчулардын аракеттенүүсү анча деле жогору эмес. Ошентсе да, турмуш шарты начар айыл тургундары үчүн киреше табуунун негизги жолдорунун бири болуп саналат.

Ошол эле учурда сурамжылоого тартылган фермерлердин көбү жаштардын айыл чарба практикасы менен тажрыйбаларды өздөштүрүүгө умтулбастан, тескерисинче мектепти аяктаган соң айылды таштап, башка жерлерди көздөй кетип жаткандыгын айтып, наразычылыгын билдиришти. Араван районундагы «Дулдул-Тоо» колледжинин мүдүрү окуу жайында кийим тигүү жана бычуу боюнча курстар ачылгандыгын, бул курстарга эч ким жазылбагандыгын айтып берди. Кесиптик лицейлердин биринин өкүлү окуучулар чач тарач / макияж жана туризм багыттарында билим алып, тажрыйбага ээ болууну көздөгөндүгүн, бирок, тилекке каршы билим берүү программасында мындай сабактар каралбагандыгын белгилеп кетти. Ошентип, бул жерде ишке ашырылган окутуу менен айыл жаштары кызыккан окутуу тибинин ортосунда шайкешсиздик бар экендигин көрүүгө болот.

**Негизги продуктылар /Шаар/ айыл жерлериндеги бизнес**

**Шаарлардагы** бизнестин негизги тармактары:

- курулуш;
- тигүү өнөр жайы;
- кейтеринг (кафе жана ресторандар);
- кызмат чөйрөсү (сулуулук салондору, унаа оңдоочу жана жуучу жайлар);
- чекене соода;
- дарыканалар.

Чакан жана орто ишкердиктин өкүлдөрү менен болгон маектешүүдөн бизнес (ишканалар) жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн бере тургандыгы аныкталды. Бул ишканалар чоң эмес жана мобилдүү, ошондой эле аларда кесиптик даярдыктын расмий деңгээлине ээ болбогон жумушчулар деле иштей алышат. Себеби, жумушка алынгандар кыска убакыттын ичинде тийиштүү билимдер менен көндүмдөргө ээ боло алышат. Эмгек рыногу формалдуу эмес жана тобокелге салып иштейт. Ошентсе да, рынокко чыгуу жеңил, ал эми атаандаштыктын жогорку деңгээли жумушчу орундарга болгон суроо-талапты да көбөйттү.

***Айыл жерлеринде*** жумуш орундарынын бир бөлүгү жер иштетүү жана мал чарбасы сыяктуу үй бүлөлүк айыл чарба ишмердүүлүгү, дүкөн жана чакан кафелерди иштетүү менен байланышкан. Булар белгилүү бир үй бүлөгө таандык болгон сыяктуу эле, мамлекеттик/коомдук уюмдарга (мектептер, ооруканалар жана жергиликтүү бийлик органдары) да караштуу. Келечекте Кыргызстандын түштүгүндө өнүгүү потенциалына ээ айыл чарба ишмердүүлүгү – бул абрикос, өрүк, жүзүм жана пахта өстүрүү иш-аракети. Кыргызстандын түндүгүндө болсо, жашылчалардын ичинен картофель кеңири өстүрүлөт. Аталган өсүмдүктөр коммерциялык мүнөзгө ээ болуп, кол менен эмгекти көп талап кылгандыктан, алардын өндүрүшүн жогорулатуунун натыйжасында кошумча жумушчу орундар да пайда болот. Мал чарбачылыгы негизинен кой, уй жана жылкы багуу менен белгилүү. Бул тармактагы ишмердүүлүктө жумуш туруктуу болот жана негизинен эркектер алынат.

Жалпысынан айыл жерлеринде жумуш орундарын түзүү мүмкүнчүлүктөрү аз жана ага жакшы көңүл буруу зарыл.

### Эмгек рыногунда жаштарды жумуш менен камсыз кылуу стратегиялары

Изилдөөнүн жүрүшүндө бизнес ээлери, мектеп жетекчиликтери, ошондой эле жумушчулар жаштар менен ата-энелерине тийиштүү эки маанилүү көйгөйдү бөлүп көрсөтүштү.

***Жаштар жумуштуулукка байланыштуу чыныгы абалды билбей туруп, билим алуу багытында чечим кабыл алышат.***

Көптөгөн жаш жарандар юриспруденция, экономика жана эл аралык мамилелер сыяктуу жогорку репутацияга ээ адистиктер боюнча билим алууну көздөшөт. Бирок эмгек рыногунда бул кесиптер боюнча жумуш орундарына талапкерлердин саны өтө эле көп. Көп сандагы бүтүрүүчүлөр тийиштүү тажрыйбаларга ээ болуу максатында кесиптик даярдоо боюнча башка курстардан окууга аргасыз болууда.

***Жаштар кантип жумуш табууну билбейт***. Маектешүү учурунда эмгек боюнча көптөгөн эксперттер рыноктогу абалдын абдан динамикалуу экендигин белгилешти. Бүгүнкү күндө көпчүлүк ата-энелер өз балдары үчүн туугандары же жоро-жолдоштору аркылуу жумуш табууда кыйынчылыктарга кабылып жатышат. Башкача айтканда, жаштар өз алдынча жумуш табуу жолдорун билүүгө тийиш. Талапкерлер резюмелерин даярдап, өздөрүн сунуштоону жакшы билүүсү зарыл. Резюмени туура даярдап, аңгемелешүүдөн ийгиликтүү өтө алган жаштардын саны аз эле. Шаардык жумушка орношууга көмөктөшүү башкармалыгы жана эмгек биржасы сыяктуу калкты жумуш менен камсыздоо боюнча адистештирилген уюмдар кесиптик лицейлерде билим алып жаткандар жана жумушсуз жаштар үчүн атайын семинарларды уюштуруп, аларга резюмени туура жазууну үйрөтүп, ошондой эле тигүү, макияж жана бухгалтериялык эсеп сыяктуу кесиптерди өздөштүрүүгө жардам берип келет. Респонденттердин айтуусу боюнча бул семинарларга катышкандардын саны арбын.

### Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган гендердик көйгөйлөр

Изилдөө учурунда гендердик баланс жана гендердик көрсөтүм да эске алынды. Бирок, аңгемелешүү этабында аял кишиге таандык же болбосо аял киши тарабынан жетектелген бизнес табылган жок. Ишкердик чөйрөсүнөн да, мамлекеттик тармакта да жалпы 61 респонденттин ичинен 21 аял болду. Бул респонденттер (21 аял) ишканалардын ээлери, кызматкерлери, же болбосо мамлекеттик секторлордун жетекчилери же башкаруучулары. Маек учурунда респонденттерге жумуш жерлеринде гендердик балансты көрсөтүп берүүсү сунушталган. Жумушчулардын ортосундагы гендердик баланс көбүнчө жумуштун мүнөзүнө карай аныкталган. Эгерде жумуш курулуш тармагында болсо, мисалы үчүн курулуш блокторун өндүрүүдө, айыл чарба жумуштары же пахта майын өндүрүү менен байланыштуу болсо, анда мындай ишканаларда жалпысынан эркектер эмгектенет. Башкаруучулар / кожоюндар мындай жумуштарды аткаруу үчүн физикалык жактан күчтүү жумушчулар керек экендигин жана чаң, кир, суу менен иштөө шарттарынын оордугун баса белгилешти. Тескерисинче, аялдар басымдуулук кылган секторлор да бар. Мисалы, сулуулук салондору, кафелер, ресторандар, класстык бөлмөлөр жана административдик иштер. Ал тургай аталган чөйрөлөрдө стереотиптердин бузулушун да белгилөөгө болот.

Мисалы үчүн, кафе/ресторандарда официант катары жалгыз эле кыздар иштебейт. Кээде кафе/ресторандар кыздар менен эркек балдардын теңдемин камсыздашат. Себеби, оор жүктөрдү көтөрүүнү талап кылган жумуштар да жок эмес. Билим берүү борборлорунун биринен келген өкүл кээ бир учурда чач жасалгалоо жана бетке кам көрүү каражаттары боюнча стилисттик кесипти окуу максатында эркек балдар да келе тургандыгын айтты. Ош шаарындагы чач тарачтардын биринде беш киши иштеп, алардын ичинен бирөө гана аял. Ошону менен бирге, тигүү өнөр жайы – аял кишилерге багытталган сектор болуп эсептелет. Бирок, маектешүү учурунда тигүү цехтеринде эркектер да иштегени айтылган. Жумушчулардын болжол менен 80–90 %ын аялдар түзсө, 10–20 % ы – эркектер. Башкаруучулардын биринин айтуусуна караганда, эркектер аялдар аткарган иштерди деле аткара алышат, бирок көбүнчө үтүкчү болуп иштешет.

Изилдөө иштеринин жүрүшүндө эркектер менен аялдардын эмгек акыларынын ортосунда эч кандай айырмачылык байкалган жок. Бардык ишканаларда жумушчулар аткарган кызматы жана жумуштун мүнөзүнө жараша эмгек акы алышкан. Жыныстык, курактык өзгөчөлүктөрүнө, улутуна жана маданий тиешелүүлүгүнө карай эмгек акыларынын өзгөрүп турушу да байкалган эмес. Бизнес-моделдин аял жумушчуларга 3% көбүрөөк акы төлөгөн бир эле учуру катталган. Кочкор районундагы мал союучу ишкананын жеткечиси аялдар ичеги карындарды тазалагандыктан, алардын эмгек акысына 3% кошумча эмгек акы төлөнө тургандыгын айтып берди. Аталган ишкана кызматкерлеринин айлык акыларына сыйлыктарды кошумчалоо демилгесин чыгарган. Мисалы, мал сойгондордун айлык акысына 10% кошумча акы төлөнсө, этти жүктөгөндөрдүн айлыктарына мындай кошумча акы берилбейт.

Окуу жайларында (лицейлерде жана колледждерде) өткөрүлгөн маектешүү учурунда мугалимдер кыздар менен балдардын саны жалпысынан бирдей экендигин, кээ бир кесиптик чөйрөлөрдө гана өзгөрүп турарын белгилешкен. Кыздар (же болбосо алардын ата-энелери) тигүү, кулинария, окутуу жана кам көрүү багыттарында кесипке ээ болууну (окутууну) кааласа, эркек балдар унаа оңдоо, айдоочулук, ширетүү, устачылык жана электриктин окуусун тандап алышат.

## 3.3. Долбоорго катышкан аймактар үчүн өндүмдөр/кызматтар

Долбоорду ишке ашыруу үчүн жети аймак тандалып алынган. Сапаттык изилдөөнүн макро- жана микро деңгээлдеги мурунку бөлүмдөрүндө берилген маалыматтардын негизинде ар бир аймак үчүн жаштардын эмгек рыногу боюнча маанилүү деп эсептелген конкреттүү өндүрүштүн/кызматтардын топтомун аныктоого болот. Натыйжалар төмөнкү таблицаларда орун алган (10–16-таблицаларды караңыздар).

### 10-Таблица. Аймак № 1 – Жалал-Абад областынын Сузак району. Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү

| | 2017 |
|---|---|
| Жалал-Абад областында жумуштуулук, миң киши | 380,1 |
| Жалал-Абад областында жумуш менен камсыздалган жаштар (15–28 жаш), миң киши | 108 |
| Жалал-Абад областында жаштардын жумуштуулугу, % | 35,2 |
| Жалал-Абад областында жаштар арасында жумушсуздук, % | 15,2 |
| Сузак районундагы калктын жалпы саны, миң киши | 283,1 |
| Калктын ичинен жаштардын саны (15–28 жаш) – баалоо, миң киши | 73,6 |
| Негизги секторлор: | Айыл чарбасы, соода жана кызмат чөйрөсү |
| Жаштардын жумуштуулугу үчүн сунушталган потенциалдуу өнүмдөр: | Пахта |
| | Жүзүм |
| | Картофель |
| | Кызматтар (соода, унаа жуучу / оңдоочу жайлар, чачтарачтар, буудайды/жүгөрүнү кайра иштетүү боюнча айыл чарба кызматтары) |

Булагы: КР УСК (2017-ж.) Жумуштуулук жана жумушсуздук. 2017-жылдагы үй чарбасынын бюджети менен жумушчу күчтү иликтөөнүн жыйынтыктары. Кыргыз Республикасы Бишкек шаары, изилдөөнүн натыйжалары, баалоолор.

### 11-Таблица. Аймак № 2 – Нарын областынын Нарын шаары – Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү

| | 2017 |
|---|---|
| Нарын областында жумуштуулук, миң киши | 87,7 |
| Нарын областында жумуш менен камсыздалган жаштар (15–28 жаш), миң киши | 22,5 |
| Нарын областында жаштардын жумуштуулугу, % | 31,5 |
| Нарын областында жаштар арасында жумушсуздук , % | 20,6 |
| Нарын шаарындагы калктын жалпы саны, миң киши | 38,8 |
| Калктын ичинен жаштардын саны (15–28 жаш) – баалоо, миң киши | 10,0 |
| Негизги секторлор: | Тамак-аш өнөр жайы (тамак-аш өнүмдөрүн кайра иштетүү), соода жана кызмат чөйрөсү |
| Жаштардын жумуштуулугу үчүн сунушталган потенциалдуу өнүмдөр: | Чекене соода |
| | Кызматтар (соода, чачтарач, кыска мөөнөттүү курстар, буудайды/жүгөрүнү/жүндү/терини кайра иштетүү боюнча айыл чарба кызматтары, сүт өндүрүү, картофелди кайра иштетүү) |
| | сүттү кайра иштетүү |
| | этти кайра иштетүү |

Булагы: КР УСК (2017-ж.) Жумуштуулук жана жумушсуздук. 2017-жылдагы үй чарбасынын бюджети менен жумушчу күчтү иликтөөнүн жыйынтыктары. Кыргыз Республикасы Бишкек шаары, изилдөөнүн натыйжалары, баалоолор.

### 12-Таблица. Аймак № 3 – Нарын областынын Кочкор району – Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү

| | 2017 |
|---|---|
| Нарын областында жумуштуулук, миң киши | 87,7 |
| Нарын областында жумуш менен камсыздалган жаштар (15–28 жаш), миң киши | 22,5 |
| Нарын областында жаштардын жумуштуулугу, % | 31,5 |
| Нарын областында жаштар арасында жумушсуздук , % | 20,6 |
| Кочкор районундагы калктын жалпы саны, миң киши | 64,7 |
| Калктын ичинен жаштардын саны (15–28 жаш) – баалоо, миң киши | 16,8 |
| Негизги секторлор: | Айыл чарбасы, соода жана кызмат чөйрөсү |
| Жаштардын жумуштуулугу үчүн сунушталган потенциалдуу өнүмдөр: | Сүт |
| | Эт |
| | Картофель |
| | Кызматтар (соода, чачтарач, кыска мөөнөттүк курстар, буудайды/жүгөрүнү/жүндү/терини кайра иштетүү боюнча айыл чарба кызматтары, сүт өндүрүү, картофелди кайра иштетүү) |

Булагы: КР УСК (2017-ж.) Жумуштуулук жана жумушсуздук. 2017-жылдагы үй чарбасынын бюджети менен жумушчу күчтү иликтөөнүн жыйынтыктары. Кыргыз Республикасы Бишкек шаары, изилдөөнүн натыйжалары, баалоолор.

### 13-Таблица. Аймак № 4 – Ош областынын Араван району - Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү

| | 2017 |
|---|---|
| Ош областында жумуштуулук, миң киши | 537,3 |
| Ош областында жумуш менен камсыздалган жаштар (15–28 жаш), миң киши | 185 |
| Ош областында жаштардын жумуштуулугу, % | 55,3 |
| Ош областында жаштар арасында жумушсуздук , % | 7,9 |
| Араван районундагы калктын жалпы саны, миң киши | 125,9 |
| Калктын ичинен жаштардын саны (15–28 жаш) – баалоо, миң киши | 32,5 |
| Негизги секторлор: | Айыл чарбасы, соода жана кызмат чөйрөсү |
| Жаштардын жумуштуулугу үчүн сунушталган потенциалдуу өнүмдөр: | Абрикос |
| | Жүзүм |
| | Пахта |
| | Кызматтар (мөмө-жемиштерди/жашылчаларды кайра иштетүү боюнча айыл чарба кызматтары, унаа жуучу/оңдоочу жайлар, соода, чачтарач) |

Булагы: КР УСК (2017-ж.) Жумуштуулук жана жумушсуздук. 2017-жылдагы үй чарбасынын бюджети менен жумушчу күчтү иликтөөнүн жыйынтыктары. Кыргыз Республикасы Бишкек шаары, изилдөөнүн натыйжалары, баалоолор.

### 14-Таблица. Аймак № 5 – Жалал-Абад областынын Базар-Коргон району – Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү

| | 2017 |
|---|---|
| Жалал-Абад областында жумуштуулук, миң киши | 380,1 |
| Жалал-Абад областында жумуш менен камсыздалган жаштар (15–28 жаш), миң киши | 108 |
| Жалал-Абад областында жаштардын жумуштуулугу, % | 35,2 |
| Жалал-Абад областында жаштар арасында жумушсуздук, % | 15,2 |
| Базар-Коргон районундагы калктын жалпы саны, миң киши | 159,1 |
| Калктын ичинен жаштардын саны (15–28 жаш) – баалоо, миң киши | 41,3 |
| Негизги секторлор: | Айыл чарбасы, соода жана кызмат чөйрөсү |
| Жаштардын жумуштуулугу үчүн сунушталган потенциалдуу өнүмдөр: | Пахта |
| | Картофель |
| | Сүт жана эт |
| | Кызматтар (соода, унаа жуучу/оңдоочу жайлар, чачтарачтар, буудайды/жүгөрүнү кайра иштетүү боюнча айыл чарба кызматтары) |

Булагы: КР УСК (2017-ж.) Жумуштуулук жана жумушсуздук. 2017-жылдагы үй чарбасынын бюджети менен жумушчу күчтү иликтөөнүн жыйынтыктары. Кыргыз Республикасы Бишкек шаары, изилдөөнүн натыйжалары, баалоолор.

### 15-Таблица. Аймак № 6 – Бишкек шаарынын Свердлов району – Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү

| | 2017 |
|---|---|
| Бишкек шаарында жумуштуулук, миң киши | 184,8 |
| Бишкек шаарында жумуш менен камсыздалган жаштар (15–28 жаш), миң киши | 97,3 |
| Бишкек шаарында жаштардын жумуштуулугу, % | 45,4 |
| Бишкек шаарында жаштар арасында жумушсуздук, % | 15,7 |
| Свердлов районундагы калктын жалпы саны, миң киши | 262,6 |
| Калктын ичинен жаштардын саны (15–28 жаш) – баалоо, миң киши | 68,3 |
| Негизги секторлор: | Өндүрүш, курулуш, соода жана кызмат чөйрөсү |
| Жаштардын жумуштуулугу үчүн сунушталган потенциалдуу өнүмдөр: | Тигүү өнөр-жайы |
| | Курулуш |
| | Чекене соода |
| | Кызмат чөйрөсү (соода, унаа жуучу/оңдоочу жайлар, чачтарач) |

Булагы: КР УСК (2017-ж.) Жумуштуулук жана жумушсуздук. 2017-жылдагы үй чарбасынын бюджети менен жумушчу күчтү иликтөөнүн жыйынтыктары. Кыргыз Республикасы Бишкек шаары, изилдөөнүн натыйжалары, баалоолор.

**16-Таблица. Аймак № 7 – Ош шаары – Жаштардын эмгек рыногу жана жаштардын жумушка орношуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрү**

| | 2017 |
|---|---|
| Ош шаарында жумуштуулук, миң киши | 101,5 |
| Ош шаарында жумуш менен камсыздалган жаштар (15–28 жаш), миң киши | 27,3 |
| Ош шаарында жаштардын жумуштуулугу, % | 35,9 |
| Ош шаарында жаштар арасында жумушсуздук, % | 7,4 |
| Ош шаарындагы калктын жалпы саны, миң киши | 281,9 |
| Калктын ичинен жаштардын саны (15–28 жаш) – баалоо, миң киши | 73,3 |
| Негизги секторлор: | Өндүрүш, соода жана кызмат чөйрөсү |
| Жаштардын жумуштуулугу үчүн сунушталган потенциалдуу өнүмдөр: | Тигүү өнөр-жайы |
| | Чекене соода |
| | Кызмат чөйрөсү (соода, унаа жуучу/оңдоочу жайлар, чачтарач, кыска мөөнөттүк курстар) |
| | Тамак-аш өнүмдөрүн кайра иштетүү |

Булагы: КР УСК (2017-ж.) Жумуштуулук жана жумушсуздук. 2017-жылдагы үй чарбасынын бюджети менен жумушчу күчтү иликтөөнүн жыйынтыктары. Кыргыз Республикасы Бишкек шаары, изилдөөнүн натыйжалары, баалоолор.

Конкреттүү өнүмдөр/кызматтар/рыноктор ар бир долбоордук аймак боюнча түзүлгөн таблицада улуттук статистикалык маалыматтардын, ошондой эле «Кыргызстандагы жашоо» (КЖ) 2016 аттуу улуттук сурамжылоонун негизинде аймактын эмгек рыногунун потенциалын баалоо менен бирге сыпатталып көрсөтүлгөн. Кошумча катары, жеткиликтүү окутуу типтеринин көрсөтүлүшү менен долбоордун максаттуу аймактарындагы колледждердин, кесиптик-техникалык окуу жайларынын (мектептердин) жана жеке менчик билим берүү кызматтарын сунуштоочуларынын маалымат базасы түзүлгөн.

## 3.4. Жаштардын эмгек рыногундагы кемчиликтер жана өз ара байланыштардын картасы

Топтолгон маалыматтардын негизинде окутуу менен керектүү көндүмдөрдөгү кенемтелер жана өз ара байланыштардын картасы түзүлгөн (17-таблицаны караңыздар). Таблицада долбоордук аймактарда берилген билим берүү кызматтарындагы кенемтелер көрсөтүлгөн.

### 17-Таблица. Долбоорго катышкан аймактарда окутуу борборлору менен жаштарды окутуу муктаждыктарынын кенемтелери жана өз ара байланыштарынын таблицасы

| | | Сузак | Кочкор | Араван | Базар-Коргон | Нарын ш. | Бишкек шаарынын Свердлов району | Ош ш. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кесиптик-техникалык колледждер | Жалпы саны | 2 | 1 | 2 | 2 | 1 | 1 | 3 |
| | Адистик | Айыл чарбасы<br>Механик<br>Тамак-аш<br>Тигүү өндүрүшү<br>Компьютер<br>Транспорт | Транспорт<br>Кейтеринг<br>Айыл чарбасы<br>Тигүү өндүрүшү | Электрик<br>Айыл чарбасы<br>Тигүү өндүрүшү<br>Кейтеринг | Курулуш<br>Айыл чарбасы<br>Электрик Тигүү өндүрүшү | Механик<br>Жыгач устачылык<br>Курулуш<br>Кейтеринг<br>Тигүү өндүрүшү<br>Компьютер<br>Тама-аш өнүмдөрүн кайра иштетүү | Юриспруденция<br>Бухгалтериялык эсеп<br>Кейтеринг<br>Тигүү өндүрүшү<br>Тейлөө чөйрөсү – Сулуулук салону | Жыгач устачы-лык<br>Кейтеринг<br>Электрик<br>Транспорт<br>Бухгалтериялык эсеп<br>Банк иши<br>Компьютер<br>МТ жана про-граммалык кам-сыздоо |
| Колледждер | Жалпы саны | 0 | 0 | 1 | 0 | 4 | 16 | 22 |
| | Адистик | | | Медайым<br>Дарыкана<br>Мектепке чейинки билим берүү<br>Юриспруденция<br>Экономика жана бухгалтериялык эсеп<br>Акушердик | | Айыл чарбасы<br>Педагогика<br>Юриспруденция<br>Медицина<br>Экономика | Юриспруденция<br>Экономика<br>Туризм<br>Тилдер<br>Компьютер<br>Финансы<br>Бухгалтериялык эсеп<br>Билим берүү<br>Энергетика сектору<br>МТ жана программалык камсыздоо<br>Пайдалуу кендерди өндүрүү | Юриспруденция<br>Экономика<br>Туризм<br>Тилдер<br>Компьютер<br>Финансы<br>Бухгалтериялык эсеп<br>Билим берүү<br>Энергетика сектору<br>МТ жана программалык камсыздоо<br>Пайдалуу кендерди өндүрүү<br>Музыка<br>Медицина<br>Архитектура<br>Физикалык билим берүү |
| | | | | | | | | |

| | | Сузак | Кочкор | Араван | Базар-Коргон | Нарын ш. | Бишкек шаарынын Свердлов району | Ош ш. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Окутуу борборлору | Жалпы саны | 1 | 2 | 6 | 2 | 4 | 43 | 52 |
| | Адистик | Айдоочулук | Тилдер<br>Акыл эсеби (менталдык арифметика)<br>Айдоочулук | Тилдер<br>Дарыкана<br>Компьютер<br>Ашпозчу<br>Чекене соода<br>Айдоочулук<br>Педагогика<br>Бухгалтер<br>Финансы<br>Дары-дармек каражаттары<br>Бычуу жана тигүү | Айдоочулук<br>Тилдер | Финансы<br>Салык салуу<br>Технолог<br>Социалдык педагог<br>Бала бакча тарбиячысы<br>Компьютер<br>Педагог<br>Акыл эсеби<br>Компьютердик программалоо<br>Тилдер<br>Бизнес<br>Туризм –<br>Бухгалтерия жана финансы<br>Официант<br>Бычуу жана чекене соода<br>Мамлекеттик башкаруу<br>Айдоочулук | Тилдер<br>Компьютер<br>Экономика<br>Бизнес<br>Сатуу<br>Кеңсе кызматы<br>Чекене соода<br>Туризм<br>Айлана-чөйрөнү коргоо<br>Башкаруу<br>Тиш дарыгери<br>Дарыкана<br>Дары-дармек каражаттары<br>Дизайн<br>Чачтарач иши<br>Электромонтаж иштери<br>Банк иши<br>Офис-менеджмент<br>Анимация<br>Мейманкана менеджменти<br>Гид<br>Тоо гиди<br>Үй чарбасы<br>Ресепшн<br>Психология<br>Эл алдында чыгып сүйлөө<br>Бетке, тырмакка кам көрүү үчүн косметика,<br>Компьютер<br>Программалоо<br>Бухгалтер<br>Салык салуу<br>Тестке даярдоо<br>Массаж<br>Чекене соода<br>Программалоо | Агроном<br>Ветеринар<br>Жерге жайгаштыруу<br>Финансы<br>Салык<br>Дизайн<br>Коммутация<br>Туризм<br>Мейанкана кызматы<br>Унаа ондоо<br>Лабораториялык диагностика<br>Теология<br>Бала бакча<br>Педагогика<br>Башкаруу<br>Дары-дармек каражаттары<br>Тиш дарыгери<br>Социалдык иш<br>Архитектура<br>Котормо<br>Технолог Тикмечи<br>Курулуш<br>Электрик<br>Тилдер<br>Дизайн<br>Дарыкана<br>Финансы<br>Түйүн, байланыш жана система<br>Чачтарач иши<br>Компьютер<br>Программалоо<br>Тестке даярдоо<br>Бармен, официант<br>Психология жана педагогика<br>Музыкалык аспаптар |

| | | Сузак | Кочкор | Араван | Базар-Коргон | Нарын ш. | Бишкек шаарынын Свердлов району | Ош ш. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Окутуу борборлору | Жалпы саны | 1 | 2 | 6 | 2 | 4 | 43 | 52 |
| | | | | | | | МТ адиси<br>Чачтарач иши, Бетке кам көрүү, тырмак дизайны, макияж, косметолог<br>Газ электриги<br>Ширеткич<br>Музыкалык аспаптар<br>Театр<br>Спорт<br>Финансы жана бухгалтерия<br>Салык салуу<br>Ашпозчу<br>Бала бакча<br>Педагогика<br>Курулуш<br>Жыгач устачылыгы<br>Айдоочулук | Полиграфия<br>Бетке кам көрүү үчүн косметика, тырмак дизайны<br>Бухгалтер<br>Газ электриги<br>Ширеткич<br>Физик<br>Математик<br>Айдоочулук<br>Ашпозчу |
| Адистештирилген мектептер | Жалпы саны | | | | | | 1 | |
| | Адистик | | | | | | Физикалык даярдоо | |
| Суроо-талап | Толтуруу | Жарым-жартылай | Жарым-жартылай | Жарым-жартылай | Жарым-жартылай | Көпчүлүк бөлүгү | Толугу менен | Толугу менен |
| | Толтурулбаган | Жыгач устасы<br>Куруучу<br>Тамак-аш өнүмдөрүн кайра иштетүү<br>Электрик | Жыгач устасы<br>Куруучу<br>Тамак-аш өнүмдөрүн кайра иштетүү<br>Электрик | Жыгач устасы<br>Куруучу<br>Тамак-аш өнүмдөрүн кайра иштетүү<br>Электрик<br>Кейтеринг<br>Механик<br>Компьютер | Жыгач устасы<br>Куруучу<br>Тамак-аш өнүмдөрүн кайра иштетүү<br>Электрик | Бухгалтер | | |

Булагы: Изилдөөнүн натыйжалары.

Мурунтан маалым болгондой эле, чоң шаарларда (Бишкек жана Ош), ал тургай кичине шаарларда да (Нарын) айыл жерлерине караганда окуп билим алуунун багыттары абдан эле кеңири. Бул болсо, келечекте айыл аймактарында билим берүү кызматтарын жакшыртуу потенциалы бар экендигин билдирет. Айылдарда окутуу кызматтарын берүүдөгү кенемтелердин жоюлушу талап кылынат.

## 4. Акыркы тыянактар жана сунуштар

**Эмгек рыногуна жүргүзүлгөн кабинеттик изилдөө менен анализдин жыйынтыктары төмөнкү тыянактарды чыгаруу үчүн шарт түздү:**

- Кыргызстанда жаштардын эмгек рыногунун өсүү абалы калктын өсүшүнө салыштырмалуу төмөн экендиги байкалды. Акыркы он жылдын ичинде эмгек рыногундагы атаандаштыктын өсүшү жаштардын эмгек рыногуна да таасирин тийгизбей койбойт. Натыйжада күчү толуп турган жумушчу күчтөр өлкөдөн кетүүгө аргасыз болушат. Эмгек миграциясынын негизги багыты болгон Россияда экономикалык абалдын начарлашы дагы бул тенденцияны өзгөртө алган жок.
- Учурдагы эмгек рыногу жеке ишкердиктин үстөмдүгү менен мүнөздөлөт – өлкөдөгү негизги жумуш берүүчүлөр катары, жеке ишкерлер (өзүн өзү жумуштандыргандар) жана жеке иш берүүчүлөр, ошондой эле майда фермерлер эсептелет. 2017-жылы 2,4 млн жумушчу орундун ичинен 1,7 млн жумуш орду жеке ишкердикке негизделген (71 %).
- Микро- жана чакан ишканалар өсүп келе жаткан жумуш берүүчүлөр болуп саналат. Ал эми орто ишканалардын экономикадагы үлүшү барган сайын азаюуда.
- Жеткиликтүү жумуш орундарынын көбү жогорку билимди талап кылбайт. Ошол эле учурда формалдык билим алуу учурунда өздөштүрүлгөн көндүмдөр менен чыныгы жумуш орундары үчүн зарыл болгон билимдер менен көндүмдөрдүн ортосунда маанилүү ажырымдар бар.
- Эмгек рыногун изилдөө айыл жана шаар жерлеринде олуттуу айырмачылыктардын бар экендигин далилдеп турат:
    - Айыл жерлери өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбасында, тамак-аш өнүмдөрүн кайра иштетүү тармактарында жана аз өлчөмдө кызмат чөйрөсүндө убактылуу (мезгилдүү) жумуш орундарын камсыздайт;
    - Шаардык аймактарда салыштырмалуу жогорку эмгек акы төлөнгөн жана эмгектин интенсивдүүлүгү жогору болгон кызмат чөйрөсүндө, өндүрүш жана курулуш тармагында жумуш орундары түзүлөт.
- Мезгилдүүлүк айыл жергесинин да, шаарлардын да эмгек рынокторунда айыл чарба, курулуш, текстиль жана коомдук тамактануу тармактарында туруксуз рыноктук тенденциянын натыйжасында байкалат.
- Жергиликтүү рынокто жумуштуулук боюнча атаандаштык бар – айыл жана шаар тургундары, билим деңгээлиндеги айырмачылыктар ж.б.
- Гендердик теңсиздик бирдей эмес формада. Кээ бир жумуштар жалгыз эле аялдар тарабынан аткарылса, ошол эле учурда физикалык күчтү талап кылган эркектер жасай турган жумуштар бар. Ал эми эмгек акыларынын ортосундагы айырмачылык чоң эмес.
- Аналитикалык тапшырмаларды аткарууну, мисалы үчүн, «жумшак көндүмдөр» деп аталган компьютерде иштөө, программалык камсыздоо, чет тилдерин билүүнү талап кылган жумушка орношууну каалаган шаардык жана айылдык жаштардын ортосунда көндүмдөрү боюнча да ажырым бар.

- Жергиликтүү айыл аймактарында кызматтарда да ажырым бар – ветеринардык кызматтар сыяктуу көптөгөн кызмат түрлөрү көрсөтүлбөйт.
- Изилдөө долбоордун алкагында андан ары колдоо көрсөтүү үчүн төмөнкүдөй потенциалдуу өнүмдөр менен кызматтарды аныктоого жардам берет. Бул өнүмдөр андан ары өнүктүрүлгөн учурда жаштар үчүн көбүрөөк жумуш орундарын түзүп бере алышат. Төмөндө көрсөтүлгөн эки өнүм/товар/кызмат боюнча наркты пайда кылуу чынжырын изилдөө иш-аракеттери кошумча аткарылат:
  - Айыл чарба өнүмдөрү – пахта, жүзүм, картофель, сүт, эт, абрикос.
  - Кызматтар – соода, унаа жуучу/оңдоочу жайлар, чачтарачтар, буудай/жүгөрү/жүн/тери/жашылча/мөмө-жемиштерди кайра иштетүү боюнча айыл чарба кызматтары.
  - Өндүрүш:
    - Тамак-аш өнүмдөрүн кайра иштетүү – сүт, эт.
    - Тигүү өнөр жайы – текстиль өндүрүшү.
  - Курулуш.
- Жаштардын эмгек рыногундагы кенемтелер менен өз ара байланыштардын картасы долбоордун алкагында жүргүзүлгөн иш-чаралар жакшы таасир эте турган тармактарды аныктоого жардам берет. Максаттуу аудиторияны, ошондой эле кийлигишүүнүн ченемин аныктоо үчүн андан ары иштеп чыгуу талап кылынат.

**Долбоордун негизги жыйынтыктары боюнча төмөнкү сунуштар берилет:**

- Формалдуу билим берүү түзүмдөрү менен жаштарга багытталган эмгек рыногунда жумуш орундарын түзүп берген микро- жана чакан ишканалардын реалдуу муктаждыктарынын ортосунда ажырым бар.
- Практикалык көндүмдөрдү окутуу жаштар үчүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүү, ошондой эле конкреттүү жумушту табуу мүмкүндүктөрүн туура баалоого шарт түзгөн пайдалуу аспап боло алат. Жаштардын жумушка орношуу боюнча ашыкча үмүт-тилектери реалдуу мүмкүнчүлүктөр менен дал келбей жумуш табууда ийгиликке жетпей калуусу менен аяктайт. Бул болсо, алардын Кыргызстандагы экономикалык шарттарга ыңгайлашуусуна терс таасирин тийгизүүдө.
- Чындыгында кызмат көрсөтүүнү окутуу боюнча эмгек рыногундакөп суроо-талап жок. Колледждер, кесиптик мектептер жана окуу курстары окуу планы менен сунушталган кесиптердин тизмесин кайра карап чыгуулары керек.
- Билим берүү кызматтарын көрсөткөн мамлекеттик жана жеке менчик окуу жайлар аныкталып чыккан кемчиликтерди долбоордук аймактардагы жаштарды окутуу боюнча кызматтарды өнүктүрүүнүн негизги себеби катары эсептей алышат. Бул ишти келечекте бүтүндөй өлкөгө жайылтууга болот.
- Жаштар үчүн жумуш орундарын пайда кылууга басым жасоо менен жергиликтүү жана улуттук рыноктогу кээ бир өнүмдөрдү, кызматтарды жана ишканаларды терең анализдеп чыгуу максатында андан ары изилдөө зарылчылыгы бар. Бул аракеттер бир гана долбоордун алкагында эмес, алдыдагы он жылдын ичинде калктын санынын

өсүшүн жана андагы жаштардын үлүшүн эсепке алуу менен өлкөнү өнүктүрүү үчүн да абдан маанилүү.

- Жаштарды жумуш менен камсыздоо чөйрөсүндө иш алып барган мамлекеттик органдар жеке ыйгарым укуктарынын чегинде долбоор боюнча берилген отчеттогу көйгөйлөргө көңүл бурууга тийиш. Кыргызстандын өкмөтү маселелердин функционалдык мүнөзүнө гана багытталбастан, мамлекет тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын сапатынын жакшырышына да багытталышы керек. Учурда иштеп жаткан билим берүү системасын жаштардын муктаждыктарына ыңгайлаштыруу зарыл. Натыйжалуу кайра бөлүштүрүүнү ишке ашыруу үчүн бюджеттик чыгымдардын учурдагы инфратүзүмдүн негизинде эмес, жаштар көп отурукташкан аймактардын негизинде анализдеп чыгуу талап кылынат. Кыргызстандын түштүгүндөгү калк көп жайгашкан аймактарга көбүрөөк көңүл буруу зарыл экендиги анык. Суроо-талап жогору болгон кесиптерге окутуудагы кенемтелердин түзүмүн өзгөртүү алыскы айыл жергелеринде жашаган жаштар үчүн пайдалуу болот. Окутуунун түзүлүшүн кайра карап чыгууга да өзгөчө көңүл бурулушу керек. Жеке менчик секторлор менен жакын кызматташтык жаштар үчүн да, жалпы эле бизнес үчүн да абдан пайдалуу. Билим берүүнүн сапаты дагы маанилүү маселе болуп эсептелет.
- Жеке менчик окуу жайлары кичи жана ири шаарларга карата стратегияларын кайрадан карап чыгып, аймактарды көздөй багыт алуусу туура болот. Бүгүнкү күндө бул ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө айыл тургундарынын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгү тоскоол болууда. Өнүктүрүү боюнча кээ бир уюмдар мындай демилгени колдоп чыгышы ыктымал. Мындан тышкары, билим берүү боюнча кызмат сунуштаган ар түрдүү мекемелердин ортосундагы жакын кызматташтык тармакты (ассоциацияны) пайда кылуунун эсебинен масштабда үнөмдөөнү колдонуу үчүн жакшы пикир болушу мүмкүн.
- Жаштар, ошондой эле алардын ата-энелери өздөрүнүн реалдуу потенциалын кайрадан анализдеп чыгып, акча каражаттары менен убакыттарын ийгиликтүү адаптацияланып, жеке жана коомдук пайда үчүн натыйжалуу иштей ала турган ылайыктуу тармактарга жумшоого тийиш.

## 5. Тиркемелер

### Таблица А1. Аймактар жана жаш өзгөчөлүктөрү боюнча жумуш менен камсыз болгондор, жумуштуулардын жалпы санынын %

| | Түндүк | | Түштүк | | Жалпы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 18 жаштан жогору | 18–28 | 18 жаштан жогору | 18-28 | 18 жаштан жогору | 18–28 |
| Жумуш берүүчү | 0,4 | 0,3 | 0,5 | 0,3 | 0,5 | 0,3 |
| Өзүн өзү жумуш менен камсыздандыруучу (ишкер, фермер) | 16,2 | 8,3 | 13,6 | 9,8 | 14,8 | 9,2 |
| Жалданма жумушчу | 31,6 | 29,3 | 21,6 | 21,2 | 26,1 | 24,2 |
| Үй бүлөнүн жардам берген мүчөсү (акы төлөнбөгөн) | 8,1 | 10,9 | 5,7 | 7,0 | 6,8 | 8,5 |
| Башка | 1,0 | 0,4 | 0,4 | 0,6 | 0,7 | 0,5 |
| Болжолдуу жумушсуз/ катталбаган жумушчулар17 | 42,6 | 50,8 | 58,1 | 61,2 | 51,2 | 57,3 |
| Баары | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |

Булагы: КЖ (Кыргызстандагы жашоо) 2016-ж.

### Таблица А2. Экономиканын ар кандай секторлорунда жумуш менен камсыз болгон жаштар (18–28 жаш), 18-28 жаштагы жумуштуулардын жалпы санынын %

| | Жалпы | Түндүк | Түштүк |
|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы жана токой чарбасы | 23 | 22 | 23 |
| Тоо-кен өнөр жайы | 2 | 0 | 3 |
| Иштеп чыгуу өнөр жайы | 6 | 8 | 5 |
| Электр энергиясы, газ жана суу өндүрүү жана бөлүштүрүү | 2 | 2 | 2 |
| Курулуш | 9 | 8 | 10 |
| Соода; унаа / тиричилик буюмдарын оңдоо | 12 | 17 | 9 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 3 | 5 | 2 |
| Транспорт жана байланыш | 7 | 5 | 8 |
| Финансы ишмердүүлүгү | 4 | 5 | 3 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары, ижара жана кызматтар | 1 | 1 | 1 |
| Мамлекеттик башкаруу | 2 | 3 | 2 |
| Билим берүү | 9 | 6 | 11 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтар | 6 | 4 | 7 |
| Коммуналдык, социалдык жана жеке кызматтар | 6 | 6 | 6 |
| Үй чарбаларынын ишмердүүлүгү | 9 | 8 | 10 |

Булагы: КЖ (Кыргызстандагы жашоо) 2016-ж.

17 Жумуштуулук тууралуу суроого жооп бербегендер үчүн божомолдоолор

### Таблица А3. Аймактар жана курактык өзгөчөлүктөр боюнча орточо киреше, сом.

| | Түндүк | | Түштүк | | Жалпы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 18 жаштан жогору | 18–28 | 18 жаштан жогору | 18–28 | 18 жаштан жогору | 18–28 |
| Бир айда ишкердиктен алынган киреше | 7 699 | 4 515 | 9 880 | 7 503 | 8 724 | 6 287 |
| Бир айлык эмгек акы (бардык салыктар менен төгүмдөр төлөнгөндөн кийин) | 10 780 | 9 995 | 10 013 | 10 275 | 10 450 | 10 151 |

Булагы: КЖ (Кыргызстандагы жашоо) 2016-ж.

### Таблица А4. Жаштардын биринчи жумуштуулугунун статусу, %.

| | Жалпы | Шаар | Айыл |
|---|---|---|---|
| Катталган кызматкер | 32 | 34 | 30 |
| Катталбаган/Келишими жок кызматкер | 43 | 45 | 42 |
| Мезгилдүү/ убактылуу жумушчу | 5 | 4 | 6 |
| Ишкер | 7 | 9 | 6 |
| Үй-бүлөдөн жардамчы | 12 | 7 | 15 |
| Үйрөнчүк | 0 | 1 | 0 |
| Жалпы | 100 | 100 | 100 |

Булагы: ETF, STWT 2013.

### Таблица А5. Ар кандай секторлордо жумуш менен камсыз болгондорду шаар жана айыл жергелери, курактык өзгөчөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү, жумуштуулардын жалпы санынын %

| | Шаар | | Айыл | | Жалпы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 18 жаштан жогору | 18–28 | 18 жаштан жогору | 18–28 | 18 жаштан жогору | 18–28 |
| Айыл чарбасы жана токой чарбасы | 3 | 2 | 35 | 34 | 22 | 23 |
| Тоо-кен өнөр жайы | 2 | 2 | 1 | 2 | 2 | 2 |
| Иштеп чыгуу өнөр жайы | 9 | 11 | 2 | 3 | 5 | 6 |
| Электр энергиясы, газ жана суу өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3 | 3 | 1 | 1 | 2 | 2 |
| Курулуш | 9 | 9 | 7 | 9 | 8 | 9 |
| Соода; унаа / тиричилик буюмдарын ондоо | 19 | 17 | 8 | 10 | 12 | 12 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 3 | 4 | 2 | 2 | 2 | 3 |
| Транспорт жана байланыш | 10 | 7 | 7 | 7 | 8 | 7 |
| Финансы ишмердүүлүгү | 4 | 8 | 2 | 2 | 2 | 4 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары, ижара жана кызматтар | 1 | 1 | 0 | 1 | 1 | 1 |
| Мамлекеттик башкаруу | 4 | 5 | 2 | 1 | 3 | 2 |
| Билим берүү | 14 | 11 | 11 | 7 | 12 | 9 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтар | 8 | 9 | 4 | 4 | 6 | 6 |
| Коммуналдык, социалдык жана жеке кызматтар | 9 | 10 | 4 | 4 | 6 | 6 |
| Үй чарбаларынын ишмердүүлүгү | 3 | 1 | 14 | 13 | 10 | 9 |
| Жалпы | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |

Булагы: КЖ (Кыргызстандагы жашоо) 2016-ж.

### Таблица А6. Курактык өзгөчөлүктөр, шаар жана айыл жергелери боюнча орточо киреше, сом

| | Шаар | | Айыл | |
|---|---|---|---|---|
| | 18 жаштан жогору | 18–28 | 18 жаштан жогору | 18–28 |
| Бир айда ишкердиктен алынган киреше | 14 139 | 11 778 | 6 563 | 5 442 |
| Бир айлык эмгек акы (бардык салыктар менен төгүмдөр төлөнгөндөн кийин) | 11 545 | 11 720 | 8 939 | 8 235 |

Булагы: КЖ (Кыргызстандагы жашоо) 2016-ж.

### Таблица А7. Жыныстык жана курактык өзгөчөлүктөрү боюнча жумуш менен камсыз болгондор, жумуштуулардын жалпы санынын %

| | Эркек | | Аял | | Жалпы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 18 жаштан жогору | 18–28 | 18 жаштан жогору | 18–28 | 18 жаштан жогору | 18–28 |
| Жумуш берүүчү | 1 | 1 | 1 | 0 | 1 | 1 |
| Өзүн өзү жумуш менен камсыздандыруучу (ишкер, фермер) | 40 | 27 | 16 | 11 | 30 | 22 |
| Жалданма жумушчу | 47 | 51 | 62 | 67 | 53 | 57 |
| Үй бүлөнүн жардам берген мүчөсү (акы төлөнбөгөн) | 10 | 20 | 19 | 20 | 14 | 20 |
| Башка | 1 | 1 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| Жалпы | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |

Булагы: КЖ (Кыргызстандагы жашоо) 2016-ж.

### Таблица А8. Ар кандай секторлордо жумуш менен камсыз болгондорду жыныстык жана курактык өзгөчөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү, жумуштуулардын жалпы санынын %

| | Эркек | | Аял | | Жалпы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 18 жаштан жогору | 18–28 | 18 жаштан жогору | 18–28 | 18 жаштан жогору | 18–28 |
| Айыл чарбасы жана токой чарбасы | 27 | 27 | 15 | 14 | 22 | 23 |
| Тоо-кен өнөр жайы | 2 | 2 | 1 | 1 | 2 | 2 |
| Иштеп чыгуу өнөр жайы | 4 | 6 | 6 | 7 | 5 | 6 |
| Электр энергиясы, газ жана суу өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3 | 3 | 1 | 1 | 2 | 2 |
| Курулуш | 12 | 13 | 1 | 0 | 8 | 9 |
| Соода; унаа / тиричилик буюмдарын оңдоо | 11 | 12 | 13 | 12 | 12 | 12 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 2 | 2 | 3 | 4 | 2 | 3 |
| Транспорт жана байланыш | 13 | 10 | 1 | 1 | 8 | 7 |
| Финансы ишмердүүлүгү | 2 | 3 | 3 | 6 | 2 | 4 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары, ижара жана кызматтар | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Мамлекеттик башкаруу | 3 | 3 | 2 | 2 | 3 | 2 |
| Билим берүү | 4 | 3 | 23 | 19 | 12 | 9 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтар | 2 | 2 | 11 | 11 | 6 | 6 |
| Коммуналдык, социалдык жана жеке кызматтар | 5 | 5 | 7 | 8 | 6 | 6 |
| Үй чарбаларынын ишмердүүлүгү | 8 | 7 | 12 | 12 | 10 | 9 |
| Жалпы | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |

Булагы: КЖ (Кыргызстандагы жашоо) 2016-ж.

## Таблица А9. Жыныстык жана куррактык өзгөчөлүктөрү боюнча орточо киреше, сом

| | Эркек | | Аял | |
|---|---|---|---|---|
| | 18 жаштан жогору | 18–28 | 18 жаштан жогору | 18–28 |
| Бир айда ишкердиктен алынган киреше | 9 329 | 7 298 | 5 578 | 3 508 |
| Бир айлык эмгек акы (бардык салыктар менен төгүмдөр төлөнгөндөн кийин) | 11 415 | 10 777 | 9 210 | 9 289 |

Булагы: КЖ (Кыргызстандагы жашоо) 2016-ж.

## Таблица А10. Областтар боюнча 2016-ж.орточо түшүмдүүлүк, ц/га

| | Кыргыз Республикасы | Баткен | Жалал-Абад | Ысык-Көл | Нарын | Ош | Талас | Чүй |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан эгиндери | 30,7 | 30,7 | 44,4 | 24,5 | 20,4 | 33,4 | 36,4 | 29,7 |
| Буудай | 24,5 | 17 | 27,2 | 24,4 | 20,4 | 21,6 | 25,2 | 26,6 |
| Арпа | 22,5 | 13 | 19,9 | 24,8 | 20,3 | 16,6 | 18,8 | 24,3 |
| Дандык жүгөрү | 62,4 | 57,1 | 58,1 | | 50 | 65,1 | 63,6 | 67,3 |
| Буурчактуулар | 17,2 | 13,9 | 16,5 | 20,1 | | 9,6 | 17,3 | 16,1 |
| Күрүч | 34,7 | 32,1 | 38,5 | | | 31,3 | | |
| Май чыга турган өсүмдүктөр | 10,5 | 14,6 | 11,9 | 8,2 | | 11,8 | 10,8 | 7,8 |
| Күнкарама | 12,2 | 16,5 | 12,2 | 7,3 | | 12 | 10,4 | 10,4 |
| Пахта | 31,4 | 23,3 | 33 | | | 29,1 | | |
| Картофель | 166,3 | 141,7 | 143 | 183,9 | 142,4 | 153,6 | 173,5 | 169,3 |
| Жашылчалар | 194,4 | 164,1 | 224,3 | 174,1 | 115,3 | 167,3 | 193,5 | 198,7 |
| Коон | 219,4 | 147,2 | 246 | | | 175,7 | 206 | 225,3 |
| Тоюттук чөп | 33 | 15 | 16,3 | | 33,9 | 46 | | |
| Көп жылдык өсүмдүктөр | 59,5 | 42,4 | 50,3 | 47,5 | 52,2 | 49 | 65,7 | 79,8 |
| Мөмө-жемиштер | 48,7 | 47,4 | 59,9 | 61,3 | 19,9 | 57,1 | 68,9 | 18,7 |
| Жүзүм | 15,3 | 15,5 | 7,4 | | | 48,3 | 19,4 | 7,6 |

Булагы: Улуттук статистика комитети

## Таблица А11. Райондор боюнча 2016-ж.орточо түшүмдүүлүк, ц/га

| | Базар-Коргон | Сузак | Кочкор | Араван | Бишкек ш. | Ош ш. | Нарын ш. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан эгиндери | 45,7 | 39,5 | 20,7 | 41,6 | | 38,9 | |
| Буудай | 31,5 | 25 | 20,7 | 18,1 | | 12,1 | |
| Арпа | 16,9 | 22,1 | 20,6 | | | 17,1 | |
| Дандык жүгөрү | 64,8 | 61,2 | | 60,9 | | 67,3 | |
| Буурчактуулар | 15 | 12 | | | | | |
| Күрүч | 39,8 | 39,7 | | 38,5 | | | |
| Май чыга турган өсүмдүктөр | 12,8 | 11,5 | | 20,8 | | | |
| Күнкарама | 13,3 | 11,5 | | 21,1 | | | |
| Пахта | 32,9 | 29,6 | | 29,2 | | | |
| Картофель | 150,9 | 144,5 | 149,1 | 161,6 | | | |
| Жашылчалар | 243,4 | 239,7 | 109,3 | 162,1 | 83 | 236,1 | |
| Коон | 208,3 | 243,3 | | 180,5 | | | |
| Тоюттук чөп | | | 33,9 | | | | |
| Көп жылдык өсүмдүктөр | 49,6 | 47,5 | 51,6 | 67,2 | 32,9 | 98,6 | 41,3 |
| Мөмө-жемиштер | 58 | 62,9 | 18,9 | 72,2 | | | 28,3 |
| Жүзүм | 32,9 | 3,5 | | 54,3 | | | |

Булагы: Улуттук статистика комитети

**Таблица А12. Областтар боюнча негизги айыл чарба өнүмдөрүнүн түшүмдүүлүгү, бир үй чарбасына кг менен**

| | Ысык-Көл | Жалал-Абад | Нарын | Баткен | Ош | Талас | Чүй |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Күздүк буудай | 2 069 | 2 790 | | 1 578 | | 2 000 | 6 214 |
| Жаздык буудай | 3 750 | 2 433 | 1 821 | 842 | 3 500 | | 1 540 |
| Арпа | 2 740 | 2 155 | 3 628 | 1 425 | 2 166 | 3 140 | 2 927 |
| Жүгөрү | | 2 268 | | 3 367 | 1 607 | | 3 965 |
| Күнкарама | | 500 | | | 3500 | | 200 |
| Пахта | | 2 635 | | 3 025 | 1 350 | | |
| Картофель | 2 702 | 627 | 1 999 | 939 | 2 366 | 1 179 | 1 540 |
| Тамеки | | | | 1 190 | | | |
| Төө буурчак | | | | | | 3 488 | |
| Күрүч | | | 1 006 | 1 000 | 1 124 | | |
| Эспарцет | 20 092 | 21 127 | 16 060 | 13 200 | 5 537 | 15 540 | 500 |
| Люцерна | 24 685 | | 16 192 | | | 3 000 | 34 962 |
| Помидор | 134 | 282 | | 296 | 492 | 287 | 230 |
| Пияз | 148 | 243 | | 481 | 711 | 155 | 495 |
| Сабиз | 184 | 213 | 2 311 | 810 | 381 | 248 | 5 158 |
| Кант кызылчасы | 1 050 | 1 400 | 700 | | | | 65 530 |
| Капуста | 189 | 271 | 6 000 | 833 | 1127 | 354 | 2 932 |
| Алма | 754 | 263 | | 883 | 367 | 887 | 134 |
| Алмурут | 362 | 176 | | 45 | 192 | | 125 |
| Гилас | 77 | 199 | | 1138 | 200 | | 52 |
| Жүзүм | | 27.5 | | 500 | 112 | | 10 |
| Шабдаалы | | 355 | | 2000 | 165 | | |
| Кара өрүк | | 677 | | 1 309 | | | 16 167 |
| Абрикос | 487 | 106 | | 493 | 40 | 200 | 50 |
| Малина | 148 | 134 | | 648 | | | 651 |
| Кулпунай | 80 | 3 293 | 4 100 | 155 | 557.5 | | 3 566 |
| Кара карагат | 82 | | | | | | |
| Сарымсак | 135 | 277.5 | 120 | 433 | 650 | 138 | 369 |
| Калемпир | | 142.5 | | 21 | 133 | 400 | 97 |
| Буурчак | | | | | | | |

Булагы: КЖ (Кыргызстандагы жашоо) 2016-ж.

### Таблица А13. Тандалган райондор боюнча негизги айыл чарба өнүмдөрүнүн түшүмдүүлүгү, бир үй чарбасына кг менен

| | Базар-Коргон | Сузак | Араван | Кочкор |
|---|---|---|---|---|
| Күздүк буудай | - | 3 267 | | |
| Жаздык буудай | 1 150 | | | 2 000 |
| Арпа | 1 120 | 2 675 | | 3 739 |
| Жүгөрү | 1 921 | 3 972 | 1 560 | |
| Күнкарама | | | | |
| Пахта | 1 728 | | 1 344 | |
| Картофель | 357 | 588 | 3 512 | 3 430 |
| Тамеки | | | | |
| Төө буурчак | | | | |
| Күрүч | | 1 167 | 425 | |
| Эспарцет | 4 600 | 28 858 | | 13 956 |
| Люцерна | | | | |
| Помидор | 295 | 228 | 1 837 | |
| Пияз | 274 | 50 | 1 500 | |
| Сабиз | 268 | | | 4 333 |
| Кант кызылчасы | | 1 400 | | |
| Капуста | 327 | 130 | 3 620 | 6 000 |
| Алма | | 250 | | |
| Алмурут | 270 | | | |
| Гилас | | 368 | 200 | |
| Жүзүм | | 28 | 116 | |
| Шабдаалы | | 454 | | |
| Кара өрүк | | 165 | | |
| Абрикос | | 102 | 30 | |
| Малина | | 137 | | |
| Кулпунай | | 6 126 | 733 | 1 200 |
| Кара карагат | | | | |
| Сарымсак | | | 650 | |
| Калемпир | | 140 | 1 500 | |

Булагы: КЖ (Кыргызстандагы жашоо) 2016-ж.

**Таблица А14. Жыныстык өзгөчөлүгүнө, шаар жана айыл жергесине карай бөлүштүрүү менен жаштардын (18–28 жаш) ар түрдүү секторлордо жумуштуулугу, жумуштуулардын жалпы санынын %.**

| | Шаар | | Айыл | | Жалпы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Эркек | Аял | Эркек | Аял | Эркек | Аял |
| Айыл чарбасы жана токой чарбасы | 3,8 | 0,6 | 38, 0 | 25,1 | 27,1 | 14,2 |
| Тоо-кен өнөр жайы | 2,3 | 1,2 | 2,2 | 1,0 | 2,2 | 1,1 |
| Иштеп чыгуу өнөр жайы | 9,4 | 12,8 | 4,2 | 2,0 | 5,8 | 6,8 |
| Электр энергиясы, газ жана суу өндүрүү жана бөлүштүрүү | 4,2 | 1,8 | 1,8 | 0,5 | 2,5 | 1,1 |
| Курулуш | 15,0 | 0,6 | 12,7 | 0,0 | 13,5 | 0,3 |
| Соода; унаа / тиричилик буюмдарын оңдоо | 19,7 | 13,4 | 8,8 | 10,8 | 12,3 | 12,0 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 4,2 | 4,3 | 1,5 | 3,9 | 2,4 | 4,1 |
| Транспорт жана байланыш | 11,3 | 0,6 | 9,5 | 1,0 | 10,0 | 0,8 |
| Финансы ишмердүүлүгү | 6,1 | 11,0 | 1,5 | 2,0 | 3,0 | 6,0 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары, ижара жана кызматтар | 0,9 | 0,0 | 0,7 | 1,0 | 0,7 | 0,5 |
| Мамлекеттик башкаруу | 5,2 | 3,7 | 1,3 | 1,0 | 2,5 | 2,2 |
| Билим берүү | 3,3 | 22,0 | 2,9 | 17,2 | 3,0 | 19,3 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтар | 3,8 | 14,6 | 1,5 | 8,9 | 2,2 | 11,4 |
| Коммуналдык, социалдык жана жеке кызматтар | 9,4 | 12,2 | 3,1 | 5,4 | 5,1 | 8,4 |
| Үй чарбаларынын ишмердүүлүгү | 1,4 | 1,2 | 10,3 | 20,2 | 7,5 | 11,7 |
| Жалпы | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

Булагы: КЖ (Кыргызстандагы жашоо) 2016-ж.

www.ucentralasia.org